7 "Бизнести интернет дүкөндөн баштагыла"



10 Кайда барсаң өзүм билем дегендин шору



САРЕСЕП
saresep.kg
29-сентябрь, 2016-жыл
№38 (71)
Калыс көз караш!



# Кол топтоо аргасыздын ишиби?

5-бетте



"Ов", "ова" фамилиялары барктуубу?

6-бетте



"Аалы, Жеңишбек агайлар жок 1-орунду алып калдым"

9-бетте



"Батыровдун УӨ мүчөлөрүнө келип турганы чындык"

15-бетте



# Кыргыз-орус өнүктүрүү фонду менен Чехия экспорттук банкы кызматташат

28-сентябрда Бишкекте кыргыз-чех ишкерлеринин форуму болуп өттү. Ага Чехиядан 40 компания, ал эми жергиликтүүлөрдөн 350 компания катышты.

Алар 28-сентябрда кол коюлган меморандумга ылайык Кыргызстан менен Чехиянын ортосундагы соода жүгүртүүнүн көлөмүн жогорулатууу, ишкерлерди эки өлкөдө тең салык төлөөдөн бошотуу багытында иш алып барышмакчы.

Чехиянын Кыргызстандагы элчиси Элишка Жигова эки өлкөнүн ортосундагы соода жүгүртүүнүн көлөмүн 2014-жылдагы деңгээлге, тагырак айтканда, 25 млн. доллардан ашырууга жетишүү зарылдыгын белгиледи. Элчи бул үчүн узак мөөнөттүк долбоорлорду ишке киргизүү, айыл чарбасына жана инфраструктурага биргелешкен инвестиция салуу керектигин айтты.



Ал эми Кыргыз-орус өнүктүрүү фондунун төрагасы Кубанычбек Кулматов Кыргызстанды өнүктүрүү үчүн өнөр жайды көтөрүү зарылдыгын белгиледи.

# Кыргызстанга Беларус эти киргизилген жок

Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук агенттигинин маалыматы боюнча, 20 тонна тоңдурулган эт кайра Беларуска кайтарылды. Буга эттин сапаты талаптарга жооп бербегени себеп болгон.

Маалыматта айтылгандай, Кыргызстанга апкелинген эт Беларустун Гомолев эт комбинатында даярдалган.

Кыргызстан ЕАЭБге киргенден бери эт-сүт азыктары арзандоонун үстүндө. Өлкөдөгү эпизоотикалык абалга байланыштуу Казакстан менен Орусия Кыргызстандан эт-сүт азыктарын импорттоого чек коюшкан



# Бишкек мэриясы көп кабаттуу үй курууну көздөөдө

Бул үчүн алгачкы капитал зарылдыгын белгилеген шаар мэри келерки жылга бүтжеттен каражат караштырылып жатканын билдирди. Албек Ибраимовдун сөзү боюнча, социалдык турак жай куруу үчүн учурда 5 компания менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Турак жайга жерди мэрия берет жана коммуникациялык байланыш менен камсыз кылат. Ибраимовдун айтуусунда, курулуш компаниялары батирлердин 1 чарчы метрин 26,5 миң сомдон сатууга макулдук берген.

Өткөн жылы каражаттын жоктугунан Тунгучта курулуп жаткан социалдык турак-жайдын 4 кабаты гана курулуп, токтоп калган. Натыйжада үйдөгү 10 батирдин ээлери акысын толугу менен төлөгөн соң, курулуш ордунан жылган.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматы боюнча, жыл башынан бери жалпысынан 420,1 миң чарчы метр турак жай пайдаланууга берилди. Бул өткөн жылга салыштырмалуу 1%га көп.



# Өзбекстан менен Кыргызстан туризм боюнча сүйлөштү

27-сентябрь Эл аралык туризм күнүндө Ташкенттеги Кыргызстандын элчиси Данияр Сыдыков менен "Узбектуризм" улуттук компаниянын өкүлү Фаррух Ризаев жолукту. Сүйлөшүүдө эки тарап туризм жаатындагы кызматташууну бекемдөөнү талкуулашкан. Мындай маалыматты Тышкы иштер министрлигинин басма сөз кызматы билдирди.

Маалыматка ылайык, эки тарап туризм тармагында жаңы кызматташууну баштоону, буга чейин болгон укуктук-келишимдик базаны чыңдоону, ошондой эле үчүнчү өлкөлөр үчүн да туристтик долбоорлорду иштеп чыгууну сүйлөшкөн.

Ошондой эле эки өлкөнүн туристтик операторлорунун ортосунда түз байланыш куруу макулдашылды.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Конституцияны кармалай бер

Коомдук телеканалдык озуйпасын аткарууга мажбур болгон биринчи каналдын «Ой ордо» берүүсүндө Жогорку Кеңештеги Кыргызстан социал-демократтар фракциясынын башчысы Иса Өмүркулов Конституцияны кармалай бергиле дегенсиди. «Мындай ыкчам өзгөртүүлөргө жол берилгенине караганда 2017-жылы кайра өзгөрүүлөр болуп кетиши мүмкүнбү» деген суроого «керек болсо, өзгөрүлө берет да» маанисинде жооп бергени бул ойду тастыктап турат. Бул ойдун учугун чубасаң, эң эле бери жагы кайдыгерлик жана жеңил ойлуулук, нары жагы Баш мыйзамды убактылуу максаттар үчүн өзгөртө берүү ниети барбы деп чочулайсың.

Учурда туура эмес багытты туура кылып көрсөтүү үчүн анын сапатына эмес, кайталоонун санына басым кылынууда. Ак ийилип, бирок сынбаганы менен калпты чындай урдуруп, чындыкты чыркыратып салуу оңой эле болуп калды. Жарандык укукчулар Конституцияга өзгөртүү киргизүүдө жазылган бардык эрежелер же бурмаланды, же четке кагылды деп чыркырашат. Бийлик тарап өзүнө жана Өмүрбек Бабановго тиешелүү жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу «бузулган жок, бузулган жок, бузулган жок...» деп арбап келет. Интернеттеги коомдук тармак, сайттар, интернет каналдар аркылуу Баш мыйзам тууралуу убада-шерттердин бузулганына наразы болгондор, бул абалды өз кызыкчылыгына колдонгондор жана саясий сахнадагы эски «петтерден» тажагандар «бузулду, бузулду, бузулду...» деп кайтарма дубасын окуп жатышат. Акыры ким тарап жеңип чыгат али белгисиз.

Кыргыз коому ар шайлоо сайын тактикасын өзгөртүп, сырттан карагандарды таң калтырып келет. 2015-жылдын октябрында өткөн парламенттик шайлоодо ал кезде оппозицияда болгон партиялар бийликтен кем эмес добуш алышкан. Ош жана Токмок шаарлары баш болгон 2016-жылынын март айындагы жергиликтүү шайлоолордо эл акча бергенге салды. Үстүбүздөгү жылдын ноябрь, же декабрь айында жергиликтүү шайлоолор менен бирге өтөт делип жаткан Баш мыйзамга өзгөртүү киргизүү референдумунда кыргыз коому саясатчыларына кандай табышмак жашырып жатканы али белгисиз. Кээ бир саясатчылар гана «эл колдоп берет» деп кесе айтып жатканы болбосо, жүз пайыз туура божомол кылуу кыйын. Эң негизгиси, бийлик элди талкууга толук кандуу катыштырбаса да, жайды-жайлата эл менен Конституциянын талкуулалдык деп ыйманын жесе да, талкуу болуп жатат. Кыкең бийликтин көзүн караганы менен берки тарапты да көздүн кырынан чыгарган жок.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925
**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев
**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Тел.: (0312) 68 07 34, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 68-07-34, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити
**Нускасы: 5200**
**Буйрутма № 2127**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.
САРЕСЕП

# Ишкерлер каражат булагы көрүнүп калган

**Кызыл-Кыяда УКМКнын шаардык башкармалыгынын кызматкери менен ишкер Зарылбек Мааткалыков жол талашып чатакташып, бири-бирине кол көтөрүүгө чейин барышкан. Натыйжада ишкер Мааткалыков чатактан кийин 156 миң сому жоголгонун, УКМК кызматкери дагы үч киши менен кошо ага күч колдонгонун айтып, милицияга кайрылган. Ал эми УКМК кызматкери ишкерди "тапанча такап коркутту, башка автоунаа менен келип токтогон дагы бир нече адамдын жардамы менен сабады" деп айыптаган. Ал эми ЖИА бизнес ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбектин айтымында күч органдары бизнес өкүлдөрүн киреше булак катары көрүшөт.**



– Күч органдары экономикалык субъектерди, ишкерлерди киреше булагы катары көрөт. Мамлекет берген ыйгарым укуктарын өз кызыкчылыгына пайдаланып, акча өндүрүш керек деген ой бардык укук коргоо органдарында бар. Бул мурдатан келе жаткан өнөкөт өзгөчө аймактарда абдан күч алган. Бизнес жаатын тескеген 13 мамлекеттик органда 1500 мыйзам бар. Бирок текшерүүгө укугу болбогон күч органдары да кадимкидей текшерип, мыйзамсыз түрдө кийлигишип, ишкерди чектегенге аракет кылат. Дээрлик баардык күч органдарынын өкүлдөрүндө "Ишкер бул салык төлөөдөн качкан потенциалдуу кылмышкер" деген түшүнүк бекем отурган. Алар ишкерлерди мамлекетке төлөп аткан салыгы үчүн, түзүп аткан иш орундары үчүн, өнүгүүгө түздөн-түз кошкон таасири үчүн колдой турган субъект катары көрүшпөйт. Күч органдары экономика дегенде мамлекетти элестетет. Экономика деген ошол ишканалардын топтомунан түптөлүп атканын түшүнүшпөйт. Инвестиция тарткан адам мамлекетке эмес, өзүнө гана пайда түшүрүп атат деген ойдо. Ушул жаатта күч органдарынын тайкы түшүнүгү бар, андыктан түшүндүрүү иштерин жүргүзбөсө болбойт. Ишкер ката кетирип, жаңылып алса, мамлекеттик органдарга кайрылгандан коркот. Анкени мунун азабын тартат. Бизде кеңеш алыш үчүн сөзсүз түрдө тааныш керек. Ишкерлердин баары чынчыл так иш аткарат дей албайм. Арасында салыктан качып, катталбагандары бар. Бирок ошого түрткөн укук коргоо органдарынын өздөрү деп ойлойм.

# 65% эл аймактык милициясын тааныбайт



**"Реформа жана жыйынтык үчүн" жарандык союзу укук коргоо кызматкерлери калк менен кандай иштээрин баалап көрүүнү чечишкен. Сурамжылоо жыйынтыгында жарандардын 65 пайызы өздөрүнүн аймактык милицияларын таанылбайбыз дешсе, калктын 70 пайызы алар менен ишибиз дагы жок деген жооп узатышкан. Сурамжылоонун максаты жана ага карата алдыда кандай иш алып барылары тууралуу билүү үчүн союздун координатору Урмат Казыкбаевге кайрылдык:**

– 2011-жылы милицияда реформа башталган. Биз ошол беш жылдан бери ушул теманын үстүнөн түшпөй иштеп келе жатабыз. Биз иштегенден бери үч ички иштер министри жумуштан алынды. Эки жолу өкмөт алмашты. Канча жылдан бери реформа дегендери менен эч нерсе кылыша элек. Биз болсо аймактык милицияларды эл менен бир столго отургузуп, эл көйгөйүн чогуу талкууладык. Мындай көрүнүш биринчи жолу болуп жатат деп милициялар өздөрү айтышты. Февраль айында кабыл алынган өкмөттүн токтомуна ылайык, 2015-жылдын аягында милициялар отчёт сунушташ керек эле. Алар отчёт берди. Бирок, 68 пайыз жарандар милицияга ишенет деген жыйынтык менен беришти. Бул жакшы жыйынтык болгону менен сурамжылоонун так эмес жактары бар. Кыргызстандын жарандарынын ой-пикирин угуш үчүн бир жарым миңге жакын респондент, ар бир облустан 7000ге жакын адам суралышы керек эле. Реформа башталгандан бери беш жыл өттү. Бул жылдар аралыгында өкмөт жакшы иштерди жасаса болот эле. Алар жөн гана жол кайгуул кызматы менен кайгуул күзөт кызматын бириктирип, патрулдук милиция кылып коюшту. Эч кандай көзгө көрүнөрлүк өзгөрүү болгон жок. Коопсуз шаар деген дагы жакшы долбоор соттун ичинен чыкпай калды. Бул реформалар 2 жыл ичинде иштеп кетмек. Биз 12 пилоттук жерде жөнөкөй жаран менен милицияны бир столго отургузуп, ортодогу көйгөйлөр боюнча биргелешкен план түзгөнбүз. Эми ушул эле ыкманы Талас, Өзгөн, Бишкектин Свердлов районуна сунуштап жатабыз. Себеби, сурамжылоо жүргүзүп көрсөк, Кыргызстан жарандарынын 30 эле пайызынын милиция менен байланыш бар экен. Демек, милициялардын эл менен иштөө жагы аксап жатат. Биз милиция кандай иштеп жатат деген ой-пикирди чогултуп өкмөткө жибердик. Эми алардан жыйынтык күтүп жатабыз.

# Жакшы көчөт тиксең, жакшы түшүм аласың

**Күз келип, жыйым-терим күчөп тургандыктан Талас ЖИА бизнес ассоциациясынын аткаруучу директору Бектурсун Такелеев менен байланышып, «Таласта жыйым-терим бүттүбү? Жыйым-теримде төө буурчактан башка дагы эмнелер басымдуулук кылат?» деген суроолорго жооп алдык.**



Азыр Талас облусунда төө буурчак терими толук бүтө элек, анткени быйыл аба ырайы катаал болуп, мөндүр жаап, сел алып кеткенине байланыштуу көпчүлүк дыйкандар эки жолу кайталап тигүүгө туура келген. Ал тургай кээ бирлери 3 сыйрадан да тикти. Бирок ошого жараша баалар дагы жакшы башталды. Башталганда эле быйыл 40 сомдон бааланды эле, барган сайын көтөрүлүп отуруп 60 сомго чейин көтөрүлдү.

Негизинен Таласта 4 район болсо, ар бир район өзүнчө тармактар менен "кесиптешкен". Мисалы, Талас районунун жогорку тарабы мал чарбачылыгы менен, бир аз төмөнүрөөгү картошка менен шугуланып, 50 миң тоннага чейин түшүм алган.

Төө буурчакты болсо негизинен 3 район тигет. Эң көп тиккен райондор: Кара Буура, Бакай Ата жана Талас районунун төмөн жагында азыраак бар. Ал эми Манас району пияз, болгар калемпири, сабиз ж.б. ушул сыяктуу жер-жемиштер менен иштейт. Фасоль боюнча быйыл түшүм орточо деп жатышат. Азыр баасы бир аз кайра төмөндөп, 50 сом болуп калды.

Азыр Таласта алма менен кара өрүк жакшы жолго түшүп келе жатат. Кара өрүк учурда болжолдуу 2 миң тонна чогултулат. Ушуну минимум 5 миң тоннго жеткирсек, чет өлкөлүк чоң фирмалар менен иштешүүгө болот. Бирок кара өрүктүн саясаты жакшы болбой жатат. Болбосо өткөн жылы Иран, Жапониядан кызыгуу болуп, бизде жетиштүү көлөм болбогондуктан, ишке ашпай калган. Ушундан улам былтыр элге маалыматтык жыйындарды, жолугушууларды уюштуруп, жакшы сорт тиксеңер жакшы түшүм аласыңар, сатканга жакшы дегенбиз. Башында чыгым көп болгону менен ал кийин түшкөн киреше баарын актамак. Бирок, кашайып жанагы өкмөттүн адамдары семинарларга катышат дагы, Аксыга барып алардын акимдери менен сүйлөшкөнбү, кыскасы текейден арзан көчөттөрдөн 70 миңге жакын алып келип жайнатып тигип салышыптыр. Эми алар качан, кандай түшүм берерин да билбейбиз. Болбосо бизде сапаттуу көчөт саткан, талап болсо чет өлкөдөн да алып келип бере алган ишкерлер бар болчу.

# Ар бир аткаминер текшерилсин

**Кечээ мамлекеттик ММКларда депутат Өмүрбек Текебаевдин мүлктөрү жөнүндө маалыматтар чыккан. Анда бир катар объектилери жубайына катталганы, көбү 2010-жылдан кийин алынганы, баары декларацияда расмий белгиленгендиги айтылган. Бул маалыматтар канчалык чындыкка жакын, же жалган жалаабы? Мына ушул суроолорубузга депутат Текебаев Өмүрбек жооп берди:**



— Мамлекеттик каттоо кызматынын төрагасы болгонун болгондой айтты. Ал көп объектилер 2010-жылга чейин деле алынганын тастыктады. Ал эми КТРдин корреспонденти ошонун баарын 2010-жылдан кийин алынган деп карандай калпты айтты. Бүтүндөй мамлекеттик ММКлардан мага жалаа жабылып атат. Мен депутат Текебаевдин жана анын туугандарынын мүлкүнүн мыйзамдуулугун текшерип чыгууну жана бардык депутаттардын, өкмөт мүчөлөрүнүн, президенттин өзүнүн, анын аппаратындагы жооптуу кызматкерлердин мал-мүлктөрүнүн мыйзамдуулугу текшерилсин деп парламентке маселе коём. Эмне үчүн Атамбаев Максим Бакиевдин жерин алып, колго түшүп калган үйүн минтип көргөзбөй, менин 3 бөлмөлүү үйүмдү көргөзгөнгө аракет кылып жатат. Мен 1995-жылы депутат болуп Бишкекке көчүп келгенде, мага мамлекет 3 бөлмөлүү, советтик үлгүдөгү батир берген. Ал жерде 20 жылдан ашык жашадым. Ал эми жакында андан чоңураак дагы 3 бөлмөлүү үй сатып алдым. Эми ага көчүп кирип, эски батиримди сатып, оңдоп-түзөөгө кеткен чыгымдарымды толуктайм. Андан башка Фрунзе-Исанов көчөлөрүнүн кесилишинде 7 сотых жер тилкебиз болуп, ал жубайыма катталган. 2006-жылы ал жерге офистик имараттарды курганбыз. Андан кийин 2011-жылы балдарым чоңойду, бөлүнүп чыгышат, башка карапайым эл сыяктуу эле бир жер үй салып коюш керек деген ой менен Орто-Сайдан 6 сотых жер тилкесин алганбыз. Ошентип, ал жерге 5 жылдан бери үй куруп, дубалын тургузуп, чатыры жабылган. Дагы 5 жылда бүтүрөм Маалыматта айтылгандай, элиттик үйлөрдө 3 бөлмөлүү батирим бар. Ошол үйдүн үстүнкү кабатында 4 бөлмөлүү үйдө президенттин «оң колу», менин балам менен тең жаш бала Сапар Исаков жашайт. Ошону кайсы акчага алганын, мыйзамдуулугун текшербейби. Ар бир чиновниктин кирешеси ачык көргөзүлүшү керек.

# Экономикс

Инсан, бизнес ишканасы жана өкмөт күн сайын миллиондогон чечим чыгарат. Экономисттер алар эсеп-кысап жүргүзүп чечим кабыл алып жатат деген ойдо. Кандайдыр бир иш баштаардын алдында чыгым жана пайданы эсептеп, аларды салыштыруу – учур талап кылган сарамжал мүнөзгө кирет



*(уландысы, башы мурунку санда)*

## Экономист - чечим чыгаруучу адам: түз жана кыйыр таасирлер

Экономикси чечим кабыл алуу илими десек да болот. Бирок экономисттердин чечим кабыл алуусу өзгөчө. Алар "А" дегенде чечим чыгарууга тиешелүү көйгөйдү ар тараптуу талдаганга аракет кылышат. Мисалы күнөсканалардын канча көмүртек чыгарып жатканын кантип толук өлчөсө болот же 5000 сомго арзандатуу үчүн 50 чакырым алыс жерге барып келүүнүн кереги барбы деген суроолорго жооп издейт.

Кийинки этапта чечимди ишке ашырууга байланыштуу чыгым жана пайдаларды эсептеп чыгуу керек. Буга жеке чыгым жана пайдалар гана эмес, чечимге түздөн-түз тиешеси жок башка кызыкдар тараптардын да чыгымы менен пайдалары да кирет. Мисалы атмосферага түтөп чыгып аткан ууландыруучу газдарды азайтуудан үнөмдөлгөн ресурстарды башка өндүрүм чыгарууга же энергиянын башка түрлөрүн өндүрүүгө багыттаса болот. Бул газдардын пайда болуусуна себеп болгон бизнестин жоготуулары жеке чыгым болуп эсептелет. Шамал же атом энергиясы менен иштеген электр өндүрүү үчүн салынган курулуш объектилер курулган жерлердин ээлерине тийгизген кесепети коомдук чыгымдарга кирет. Эгер мен 50 чакырымдык жерге барып арзандатылган товар алууну чечсем, бензин, машиненин амортизациясы жана убакытты коротуу сыяктуу жеке чыгымдарга учурайм. Унаанын көптүгүнөн улам жолдун жалпы абалынын начарлоосу жана унаасыз жүргүнчүлөргө коркунуч жаралуусу коомдук чыгымдарга кирет.

## Жеңил жана оор эсептер

Чыгым жана пайдаларын аныктаган соң экономисттер тигил же бул чечимди кабыл алуу үчүн алардын көлөмүн эсептөөгө өтөт. Кээ бир учурда чыгым менен пайданы эсептеп чыгуу оңой. Дүкөнгө баруу мисалына келсек, 5000 сом пайда алуу үчүн күйүүчү майдын баасы чыгым болоорун эсептеп чыгуу жеңил. Бирок кээ бир пайда жана чыгымды эсептеп чыгуу оңойго турбайт. Мисалы шамал энергетикалык мунараларды карай чыккан терезеден Бос-Бөлтөк тоосунун кебетеси өзгөрүп кеткенин баалоо же атомэнергетикалык станцияда кокустан чыккан каргашадан кыйылган өмүрлөрдүн баасын бычуу өтө оор. Мындайда экономисттер чыгымдарды эсептөө ыкмаларын иштеп чыгуулары керек болуп калат.

## Сарамжалдуулуктун белгиси

Чыгым жана пайдалардын көлөмдөрү аныкталары менен чечим алаканга салгандай эле көрүнүп калат. Эгер чыгымдар пайдадан ашып түшсө, чечим туура болбойт. Бирок чыгымдар пайдадан төмөн болсо, анда чечим туура эсеп менен кепилденген болот. Саясатчылар чыгымдар пайдадан же пайда чыгымдан канча эсе жогору экен деп кызыгуусу мүмкүн. Эгер мага купондун пайдалуулугу 5000 сом болгону менен дүкөнгө барып келүү чыгымы 4900 сом болсо, мындай натыйжанын баалуулугу жокко эсе. Бирок чыгымдар 1000 сомдон ашпаса, менин чечимим туура болот.

Инсан, бизнес ишканасы жана өкмөт күн сайын миллиондогон чечим чыгарат. Албетте чечимдин баары жогорудагыдай тартипте кабыл алынбайт. Бирок экономисттер адамдарды эсеп-кысаптуу чечим кабыл алып жатат деп божомолдошот. Кандайдыр бир иш баштаардын алдында чыгым жана пайданы баалап, аларды бири-бирине салыштыруу талап кылынган сарамжалдуу мүнөздүн бир бөлүгү болуп эсептелет.

"Эгер чыгымдар пайдадан ашса, чечим туура болбойт, тетирисинче болсо, макул чечим туура эсеп менен кепилденет. Саясатчылар болсо чыгымдар пайдадан же пайда чыгымдан канча эсе жогору деп кызыгышат"

## Экономисттер математик болгондо

Экономикалык теория курсуна тереңдеген сайын экономисттер колдонгон негизги концепция менен ыкмаларды түшүнүү үчүн математикалык жөндөмүбүздү жетилтүүбүз керек болот. Эгер буга чейин илимий экономикалык журналдарды окуган болсоңуз, түрдүү божомол менен теорияларды аныктап түшүндүрүү үчүн математика колдонгонун көргөнсүз. Бул бөлүмгө киргизилген тиркеме графиктерди колдонуу боюнча бир нече олуттуу маселелерге басым кылган. Биздин интернет-сайтта бул китепте каралып жаткан негизги концепцияларда математиканы колдонуу боюнча кеңири маалымат бар.

## Уланта берели

Биринчи эки бөлүмдө экономика илиминин негизги принцип жана ыкмалары менен тааныштык. Эми жеңди түрүп иш баштасак болот. Кийинки бөлүмдө экономикалык жүрүм-турум жана саясат тууралуу кеп кылабыз. Бул китепти окуган кезде сиздин акыл-эсиңиздин жөндөмдүүлүгү кайра-кайра сыналмакчы. Ошондуктан керек болуп калышы мүмкүн деген ой менен аттын кашкасындай таанымал Ж.М.Кейнстин кеңешин беребиз:

Экономикалык теорияны изилдөөдө Кудай Тааладан берилген өзгөчө тартуунун кереги жок. Ал философия же башка «таза» илимдер сыяктуу өтө татаал эмес. Бирок бул жеңил сабак боюнча жакшы баа алгандар жокко эсе. Себеби кесипкөй экономист бир топ жөндөмдөрдү сиңирген адам болуусу шарт. Ал бир эле убакта математик жана тарыхчы, мамлекеттик ишмер жана философ боло алуусу керек. Ал символдордун маанисин билип, аларды кара сөз менен түшүндүрө алуусу зарыл. Андан жалпылык терминдерде жекеликти камтып, бир убакта абстрактуу жана конкреттүү нерселерди козгой алуусу талап кылынат. Ал келечекти калыпташ үчүн өтмүштүн чырагы менен бүгүнкүнү көрө билүүсү зарыл. Адам баласынын табиятынын жана коомдук институттардын бир да бөлүкчөсү анын көз жаздымында калбашы керек. Ал көңүлүнүн өзгөрүүсүнөн улам максатын унутпастан кээде дервиштей чоочун жана сатылгыс, кээде саясатчыдай битир болуусу керек болот.

Бул, албетте, татаал маселе. Экономикси иште колдонуп тажрыйба топтогон сайын сиз экономисттей ойлонуп, өзүңүздү экономист сезе баштайсыз.

## II бөлүм боюнча бүтүмдөр:

- Экономисттер изилдеп жаткан нерсеге илимий калыстык менен караганга аракеттенишет. Бардык эле окумуштуулардай алар да чындыкты жөнөкөйлөштүрүп божомолдуу үлгүлөрдү куруп, бизди курчап турган дүйнөнү жакшыраак түшүнүүгө шарт түзүшөт. Агымдардын айлануу схемасы менен өндүрүү мүмкүнчүлүгүнүн чектеринин ийри сызыгы эң негизги жөнөкөй экономикалык моделдерге кирет.
- Экономикалык теория негизги эки тармакка: микроэкономика жана макроэкономикага бөлүнөт. Микроэкономика үй чарбалары менен фирмалардын чечим чыгаруусун жана алардын өз ара алакаларын изилдейт. Макроэкономика жалпы экономикада көрүлгөн күч жана багыттарды талдайт.
- Позитивдүү ырастоолор дүйнөнү кандай болсо, ошондой баалайт. Нормативдүү ырастоолор болсо дүйнө кандай болушу керектигин божомолдойт. Экономисттер нормативдүү ырастоолорду кылып баштаса, алар окумуштуу эмес саясатчынын кеңешчиси катары сүйлөп жаткан болот.
- Саясий кеңешчи катары иштеген экономисттер илимий көз-карашы менен баалуулуктары ар кандай болгондуктан көп учурда бири-биринин пикирин жокко чыгарган кеңештерди беришет. Ошол эле учурда белгилүү бир маселе боюнча бирдей ой-пикирди карманышы мүмкүн, бирок саясатчылар алардын мындай пикирин сөзсүз колдонот деп айтуу кыйын.

***(уландысы кийинки сандарда)***

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

### Кайталоо үчүн берилген суроолор:

1. Эмне себептен экономикалык теорияны илим катары кабылдаса болот?
2. Эмне үчүн экономисттер божомол кылышат?
3. Экономикалык моделдер айлана-чөйрөнү болгонун болгондой чагылдыра алабы?
4. Зайтун майы менен сүт гана чыгарган экономиканын өндүрүштүк мүмкүнчүлүгүн чагылдырган ийри сызыкты түзүп, түшүндүрүп бериңиз. Ылаң жүрүп, бул өлкөнүн уйларынын жарымы кырылып калса, бул ийри сызык кандай өзгөрөт?
5. «Натыйжалуулук» түшүнүгүн түшүндүрүү үчүн өндүрүштүк мүмкүнчүлүктүн ийри сызыгын колдонуңуз.
6. Экономикалык теория экиге бөлгөн тармактар кайсылар? Алардын ар бири эмнени изилдейт?
7. Позитивдүү жана нормативдүү ырастоолордун айырмасы эмнеде? Аларга мисал келтиргиле.
8. Эмне үчүн экономисттер саясатчыларга бири-биринин пикирин жокко чыгарган кеңештерди беришет?

# Кол топтоо аргасыздын ишиби?

**Өлкөдөгү оппозициячыл топтордун башын бириктирген "Референдумга жол жок!" кыймылы Жогорку Кеңешти президенттин командасын аткарган кол баласы катары баалады. Алар өз пикири болбогон депутаттардын кереги жоктугун айтып, эркүү чечим кабыл ала албаса өз эрки менен таркап кетүүсүн талап кылды**

Буга Конституцияга сунушталган өзгөртүүлөр мамлекеттин кызыкчылыгына карамача каршы келип жаткандыгы себеп болууда. Ал арада бийлик баш мыйзамды өзгөртүүнү көздөгөн референдумду 4-декабрда өткөрүүнү сунуштады.

### "Кол топтоодон башка арга калбады"

Аталган кыймыл 26-августтан тарта парламентти таркатуу боюнча кол топтоо демилгесин баштады. Кыймылга мүчөлүк кылгандардын айтымында, бир эле күндө жүздөгөн адам парламент тарасын деген чакырыкка колун коюп берген. Кыймылга буга чейин ар кандай саясий көз караштагы карманып келген саясатчылар, оппозициялык, улуттук патриоттук күчтөр, жарандык коом жана жаштар кыймылдарынын өкүлдөрү бириккен.

**«Референдумга жол жок!» кыймылынын координациялык кеңешинин мүчөсү Мавлян Аскарбеков** өлкөнү саясий кризис каптап, президент жана анын администрациясы сот бийлигин, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийлигин толук өзү бийлеп турган маалда кол топтоо өнөктүгүнөн башка жол жок экенин айтат. Ал парламент оңой-олтоң тарап кетпесин түшүнгөнү менен, миндеген кишинин алардын чыгарган чечимине каршы экенин көрсө эсине келээр деген үмүттө.



– Жогорку Кеңеш мамлекетти сактоодо жана анын туруктуулугун бекемдөөдө негизги орган болчу. Бирок азыр парламент президентти колдогон, анын оң колунун ролун аткарган топ болуп калды. Бул мамлекетке чоң коркунуч алып келе турган прецедент. Мыйзамды одоно бузуу менен Конституцияны өзгөртүп, бийликти узурпациялоону көздөп жатышат. Парламенттин өз пикири жок болсо, тарап кетсин. Биз кечээтен бери парламент тарасын деген чакырыкка кол топтоону баштадык. Эл көп болгон жерлерде столдорду орноттук. Кайдыгер эмес жарандар кайрылып, өз позициясын билдирип кетсе болот. Андан тышкары, 120000 нуска менен гезит чыкты. Гезитте азыр бийликтин кылып аткан бардык аракеттери жазылган. Аны регион, айыл-аймактарга тарата баштадык.

Бирок Мавлян Аскарбеков миндеген адамдын колу турса да депутаттардын таркап кетишинен күмөн санайт. Ал кол топтоо аркылуу кыргыз элине парламент мыйзамсыз аракеттер менен Конституцияны өзгөртүүгө аракет кылып жатат дегенди жайылтууну максат кылып жаткандыгын айтат.

– Шайлоо системасы толугу менен талкаланып калган. Депутаттар таркап, жаңы шайлоо болгон күндө да, кайра ушул акчалуулар келет. Анткени азыр капчыктуулар эле депутат боло алат. Ошондуктан биз элге алар шайлаган эл өкүлдөрү баш аламан кадамдарды кылып жатканын түшүндүрүүнү көздөп жатабыз. Депутаттар элдин каршы экенин көрүп, кадамын өзгөртөөр деп турабыз.

### "Парламенттин тарашы реалдуу эмес"

Ал эми **саясат таануучу Медет Төлөгөнов** ушул тапка чейин кол топтоо аракеттери кандайдыр бир маанилүү саясий чечимдерге таасир бергенин байкай электигин айтат. Ал кол топтоо процесси жыйынтык алып келерине ишене албай турганын билдирди. Анткени менен саясат таануучу аталган кыймылдын парламентке койгон доосу орундуу деген пикирде.



– Азыр парламентти таркатуу реалдуу вариант эмес. Анткени таркатуу боюнча атайы чектер коюлган. Бирок менимче парламентке коюлган бир канча доо жүйөөлүү эле болуп жатат. Себеби парламенттен күтүлгөн коалициялык көпчүлүк жана туруктуу оппозициянын болушу акыркы кезде байкалбай калды. Өзгөчө бул нерсе конституциялык реформалардын жасоодо билинди. Парламенттен талап кылынган позициялар аткарылбай жатат. Кеп Конституцияга болгон толуктоо процессинде эмес, аны уюштуруудагы тиешелүү нормалардын мыйзамга ылайык аткарылбай жатышында, коомчулуктун пикири эске алынбагандыгында болуп атат.



### "Баш мыйзамды талкуулоодо юридикалык билим керек"

Парламент жөнүндөгү мыйзамда Жогорку Кеңеш өзүн-өзү таркатуу жөнүндө чечим кабыл ала алат деген берене бар. Бул Жогорку Кеңешти таркатуу депутаттардын өздөрүнүн гана колунан келет деген кеп. Анын үстүнө 120 депутаттын 80и таркатылсын деп добуш бериши шарт. Демилгечи катары айрым депутаттар, же болбосо 10 миң киши кол койгон жарандык топтор чыга алат.

Баш мыйзамды өзгөртүүгө алты гана депутат каршы добуш беришкен. Алардын бири **"Бир бол" партиясынын мүчөсү Чолпон Жакупова** азыркы түзүлгөн кырдаалга шайлоочулар түздөн-түз күнөөлүү экенин айтат. Ал сатылган добуштун жыйынтыгын бүгүн көрүп жатабыз дейт.

– Конституцияны өзгөртүү азыркы иштеп жаткан Конституцияга, регламент жөнүндөгү мыйзамга карама-каршы келет. Ага карабай, коомдун пикирин укпастан көпчүлүк депутаттар колдоп беришти. Мен сайрап, какшап атсам мени кайра элдин душманы катары көрсөтүүдө. Алар мыйзам тили менен айтсаң түшүнүшпөйт экен. Аягында менин да аргументим калбай баратат. Ар кандай тегерек үстөлдөр, петициялар, таркатылсын деген кол топтоолор аларды токтото албайт. Менин көзүм жетип турат. Жогорку Кеңеш эл үнү менен президенттин командасынын ортосунан президенттикин тандады.



Жакупова көпчүлүк депутаттар баш мыйзам боюнча мыйзам долбоорун ийне-жибине чейин изилдебей туруп макулдугун беришти дейт.

– Баш мыйзамды өзгөртүүгө алты депутат каршы чыкты. Карап көрсөм Наталья Никитенко, Өмүрбек Текебаев, Мыктыбек Абдылдаев өңдүү алтоо тең такшалган юристтер экен. Менде айрым депутаттар мыйзамдын тексти менен таанышпай туруп макулдугун бердиби деген да күмөн жаралууда, – дейт эл өкүлү

### "Бийликтен куру калгандар шылтоо таппай турушат"

Конституциялык мыйзамдар боюнча комитеттин мүчөсү, **Жогорку Кеңештин депутаты Исхак Масалиев** болсо парламентти таратуу демилгеси бийликке жетпей, бармагын тиштеп калгандардын чыгарган идеясы экенин, эптеп бийликке жетиштин айынан ар кандай шылтоолорду чыгарып атканын айтат. Масалиев Конституцияда өзгөртүлө турган пункттар бар экенин кошумчалады.



**Акыркы референдум 2010-жылы өткөн**

– Азыр бир гана душман Жогорку Кеңеш эле болуп калды окшойт. Бир нерсе болсо эле бизди күнөөлөйт. Бул жөн гана саясий күрөш. Айрым парламентке келбей калган топтор кызыкдар болуп атса керек. Ал эми референдум боюнча мыйзам эскирип калды. Шартка жарашпайт. Ошондуктан өзгөртүүлөрдү киргизген оң болуп турат. Мына ушул мыйзам өз нугу менен каралууда.

Оппозициянын жана жарандык активисттердин референдум өткөрүүгө каршылыгына карабай, бийлик Баш мыйзам өзгөртүү аракетин улантууда.Чынында, Баш мыйзамды өзгөртүү-өзгөртпөө аракети борбордогу чакан, тар чөйрөдө эле кызуу талкууланып жатат. Ал эми карапайым элдин мындагы кызыл чеке талаштан кабары жоктой. Көпчүлүк баш мыйзам эмне экенин деле билишпейт. Серепчилер буга бир жактуу жалган маалымат тараткан мамлекеттик маалымат каражаттарын күнөөлөшүүдө.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# “Ов”, “ова” фамилиялары барктуубу?

“Кызы” же “уулуна салыштырмалуу “ов”, “ова” мүчөлүү фамилия барктуурак угулат дешет. Ушул тескери түшүнүктөн уламбы, айтор, учурда жаңы төрөлгөн ымыркайлар “ов”, “ова” фамилиясын алышса, “кызы”, “уулу” болуп катталгандар фамилиясын өзгөрткүсү келишет

2000-жылдары аты-жөнүн “уулу” же “кызы” деп каттаткандар бир сыйра уу-дуу түшүшкөн. Анда “аты-жөнүңөрдү өзгөртпөсөңөр чет мамлекетке чыга албай, жадагалса, жогорку окуу жайга да өтө албай каласыңар” деген имиштер пайда болгон. Жарандарды каттоо кызматтары түнү менен иштеп, миңдеген адам фамилиясын “ов”, “овага” өткөрүүгө жетишип калышкан. Кийинчерээк бул көрүнүш басаңдаганы менен, фамилиясынын мүчөсүн өзгөрткөндөр бүгүнкү күнү да жок эмес. Ушундан улам “Аты-жөндү өзгөртүүнүн бүгүнкү күндө зарылчылыгы барбы?” деген суроого жооп издеп көрдүк.



Кыргызча аты-жөнү жазылбаган кыргыз документтери

## “Атамдын атын унутта калтырбоо үчүн өзгөрттүм”

Таңсулуу айым 2006-жылы фамилиясын мугалимдеринин “кызы” же “уулу” болсоңор чет жакка чыга албай каласыңар дегенинен улам өзгөрткөнүн айтат:

– Мен анда 10-класста окучумун. Биздин айылда бул жылдары чындап эле баары фамилиясын “ов”, “ова” кылышкан. Мугалимдерибизге чейин окуу жайга өтүү кыйын болуп калат экен, Орусияга чыга албай каласыңар дегенинен апам экөөбүз 2 ай чуркап жүрүп “ова” болгом. Бардык документтериме чейин өзгөрткөнбүз. Бирок чоң атамдын фамилиясын албай, атамдыкына эле мүчө коштургам. Кийин ушул өзгөртүүнүн пайдасы да, зыяны дагы тийген жок.

Балдарынын фамилиясын өзгөртүү демилгесин негизинен ата-энелер көтөрүп чыгат. Учурунда аты-жөнүндө “уулу” же “кызынын” бар болушу эч кандай маселе жаратпаган эмес. Кийинчерээк заман талабына шайкеш келүү үчүн “ов” же “ова” болуу күч алды. Аты-жөндү кээ бирлери чоң атасын унутпоо үчүн өзгөртсө, айрымдары атасынын атына эле мүчө улап алышат. Мындан сырткары, Эркин мырза “ов”, “ова” мүчөлүү фамилия санжыраны бузат деген да пикирин айтты:

– Мен ал кезде муфтиятта иштечүмүн. Эл уул, кызынын ата-тегин “овко” которо баштаганда мен жөн эле дүрбөй бербей, атайын барып билейин дедим. Биринчиден, чет өлкөдө окуп жүргөн тааныштарыма байланышып ажыга кетип жаткан адамдар “уулу”, “кызы” болуп эле кетип жатышканын, эч кандай тоскоолдук жок экенин билдим. Анан “овко” которуш керек экен деп ар ким айта бергендиктен Октябрь районунун ЗАГС бөлүмүнө барып, бир эжеге жолуктум. Ага “Улумдун фамилиясын котортоюн дедим эле. Мага “уулу дегендин дагы, “овтун” дагы кереги жок. Мисалы Акмат Ташмат деп эле котортоюн дедим” десем уруш башталып кетти. “Сен которсоң “ов” кыл, же “уулу” кыл, болбосо которбо” деди. Мен “Жусуп Мамай сыяктуу атын биринчи жазып, атасынын атын экинчи жазган адамдар деле болуп жатат го” десем, колундагы меткени көрсөтүп, “Бизде орустардан калган салт боюнча фамилияны биринчи жазат, атты экинчи жазат, болбосо көйгөй болот” деди. Ошентип котортпой койдум. Азыр бирөө Индонезиядан, бирөө Түркиядан “уулу” деген фамилия менен эле жакшынакай окуп келди. Чынында, “ов” деп каттатууда санжыра бузулат. Сенин атың, анан атаңдын аты айтылышы керек. Ал эми “овто” болсо өз атаңдын атынан эч нерсе жок. Чоң атаңа болсо 50 адам каталып калат. Мындай көйгөй кыргызда бар.

## Ата-бабарыбыз калтырган ысымдарды сактап калалы

Кыргыз болгондон кийин өз улутубузду артта калтырбай “уулу”, “кызы” кылып эле каттатсак жакшы болмок дегендер жок эмес. Этнология жана тарых тармактары боюнча адис, тарых илимдеринин доктору, профессор Тынчтыкбек Чоротегин агай совет дооруна мамлекеттер колдонгон эки тилдүү паспорт айтылуу көйгөйгө чечим боло аларын айтат:

– Мен совет учурундагы Азербайжандардын паспортун көрүп абдан ыраазы болгом. Ошол совет учурунда эле аларда паспорт эки тилде жазылган. Бир барагы орусча, экинчиси азербайжанча. Мисалы, орусчада Гейдар Алиев болсо, берки азербайжанчада Хейдар Ализаде деп өз тилдеринде жазылган. Бул тажрыйбаны өзүбүзгө дагы киргизсек жакшы болмок. Кээ бирлер Орусияга барабыз, ошол жакта иштейбиз деп эле “кызы”, “уулу” дегенди “ов”, “овага” алмаштырып жатышат. Бул маселени жогоркудай кылып чечсе эле жакшы болмок. Алсак, эне тилибизде жазылган сабында кадимкидей эле “баланча кызы, уулу” деп жазыла берсе. Кээ бирлер “Кыргызча жагында Өскөн уулу деп, латынчада Осконов болуп калса чаташуу болбойбу?” деп айтышы мүмкүн. Эч кандай чаташуу болбойт. Паспорт кандай варианта ысымдарды жазса дагы, ылдый жагында жекече номуру бар, ал өзгөрбөйт. Ушул жол менен биз байыртадан бабалар калтырган ысымдарды кандай айтылса так ошондой жазып, сактап калганга мүмкүн. Буга кандайдыр бир патриоттук чакыруу гана эмес, механизм түзүш керек. Жанагы биометрикалык паспортторду ушундай кылса болот. Баарын мыйзам түрүндө чечиш керек. Мыйзамда кандайдыр бир мүчүлүштүктөр болсо ага депутаттар толуктоо киргизиши керек. Мыйзамдын өзүн телегейи тегиз жазып койсок жакшы болот. Мындай жазып коюптур, ушу боюнча калтырып коюш керек деген дагы болбойт. Мисалы, Осмон деген чоң атасы бар, бирок балага туулгандыгы тууралуу күбөлүк берип жатып Усманов деп жазып койду дейли. Ошол кайрадан Осмоновмун деп жазыш керек. Мунун астында чоң маселе жатат. Себеби ар кандай суроолор чыгышы мүмкүн. Булардын баарын мыйзамда көрсөтүп койсо болду. Мен бул маселе боюнча Сарпашев менен жолуктум. Кыргыздардын ата-тегинде, өз ысымында жазылган “ө, ң, ү” тамгалары таптакыр жоголуп жатат деп айттым. Анан ал биометрикалык маалыматтарды киргизүү менен жаңы паспорттор даярдалып жатканын, кыргыздын кирил жазмасы менен дагы, латын жазмасында дагы айтылуу тамгалар сөзсүз кирерине даярдыктар жүрүп жатканыгын айтты. Биз дароо айтышыбыз керек, немистерде деле “ө, ү” бар. Алар “о, у” тамгаларынын үстүнө эки чекит коюшат. “Н” тамгасынын үстүндө “тилда” деген белгини коюп койсо “ң” болуп калат. Демек, булар чечилчү эле нерселер.

## “Кызы”, “уулу” фамилиялары чет жакта маселе жаратабы?

Орусиянын Астрахан шаарында 2,5 жылдан бери соода тармагында эмгектенип келе жаткан Бегимай фамилиянын мүчөсү “Ов”, “ова” болуусу жардам деле бербейт дейт:

– Баарыбыз билгендей, көпчүлүк мигранттар милициянын колуна түшкөндөн коркушат. Аларга “ов” же “ова” деп жазылган паспортуңду берсең деле “сен мигрантсыңбы” деп кысымга алып, акча талап кыла башташат. Менимче, адамдар ушул жагынан эле качат болуш керек. Аты-жөнүң “уулу”, “кызы” болсо дагы туура, түз жүрсөң болду. Арабдар, грузиндер деле чубалган фамилиялары менен жакшынакай эле иштеп жүрүшөт. Кыргыз мигранттардан бирөөнү коркутуп койсо эле ал баарын дүрбөткөн болуш керек. Болбосо сенин тапкан акчаңа фамилияңдын мүчөсү рол ойнобойт. Ошол “уулу”, “кызы” деген фамилия менен кыргыздар башкалардан айырмаланып турат да.

Адистердин айтымында, жаңы төрөлгөн наристелерин “кызы” же уулу” кылып каттагандардын саны акыркы кездерде кескин кыскарган. Көпчүлүгү туулгандыгы тууралуу күбөлүккө дароо “ов”, “ева” кылып жаздырышат. Мамлекеттик каттоо кызматынын коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн адиси Азимбаева Дамира жарандар аты-жөнүнүн мүчөсүн каалоолоруна жараша өзгөртүшөөрүн, “кызы”, “уулу” болгон фамилиялар эч кандай тоскоолдук жаратпаарын айтат:

– Азыркы күндө аты-жөнүн “уулу” же “кызы” деп өзгөрткөндөр боюнча статистика колубузда жок. Муну тактоо бир аз убакытты талап кылат. Чын-чынына келгенде “уулу”, “кызы” деп каттоого алууда эч кандай маселе жок. Өлкөбүздө “уулу”, “кызы” деген фамилияны алып жүргөн жарандарыбыздын саны көп. Эми бул жерде жарандардын каалоосуна жараша болот. Эч кимди милдеттүү түрдө өзгөрткүлө деп айтпайбыз. Эгер кандайдыр бир маселе жаралып, өзгөртүш керек болсо биздин мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы калкты каттоо департаментинин жарандарды каттоо бөлүмдөрүнө кайрылып, өзгөртүү жүргүзүлөт. Колуна маалыматы, өзөрткөндүгү жөнүндө күбөлүк берилет.

Жогоруда айтылгандай учурда көпчүлүк “ов”, “ова” мүчөлүү фамилияда. “Уулу”, “кызы” болгондор болсо эгемендүүлүк алган жылдарынан кийин төрөлгөндөр. Алардын дагы көп бөлүгү аты-жөнүн өзгөртүүгө жетишип калган. Азербайжан, Грузия өңдүү өлкөлөрдүн жарандары чубалган, узак фамилиялар менен жакшынакай эле каалаган жеринде жүрүшөт. “Заманбап болушу керек”, “Чет жерде кыйынчылык жаралат” деп ар кимдин ыңгайына карап өз аты-жөнүбүздү бурмалай берип, акыры өзүбүздүн улуттук баалуулуктарыбыздан эмне калаар экен?..

ТАҢЧОЛПОН
БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Чыңгыз Макешов: "Бизнести интернет дүкөндөн баштагыла"

Азыр насыя алып, банкротто учурап, үйүн алдырып, ал эле эмес ден соолугунан ажыраган жарандарыбыз көп учуроодо. Адатта насыя аны алган адамдардын уктаса түшүнөн кетпеген, ойгонсо оюнан чыкпаган жабышкак илдетке айланат. Биз бул жолу өкмөттүн алдындагы ишкерлерди колдоо фондунун жетекчиси, келдикени "келдике" кылган Чыңгыз Макешов менен Кыргызстандагы банк системасы тууралуу кеп улап кайттык

## Колдогонго жараша насыяны пайызсыз берели

Бир жарым жылдан бери өкмөттүн алдындагы ишкерлерди өнүктүрүү фондунун жетекчиси болуп иштеп атам. Фонд 1992-жылы ишкерлерди колдоо максатында түзүлгөн. Бирок аталган фонд азыр бизнести колдоп атат дегенге өзүм ушул фонддун жетекчиси болуп туруп кошула албайм. Анткени 24 пайыз менен берилген акча ишкерди өстүрбөй эле кайра артка тартат десек болот. Насыя качан пайызсыз берилгенде гана бизнес баштаган адам бутуна турат. Мен какшап эле айтып, эшик каккылап жүрөм. Атайын долбоор баштап, аны премьер министрге чейин көрсөттүм. Долбоордун мазмуну мындай болчу. Мисалы бир адам 1 млн сом пайызсыз акча алды дейли. Долбоор эрежесине ылайык, ошол адам кеминде 5 адамды жумуш орду менен камсыз кылышы керек. Эгер баары мыйзамдуу болуп, ар бир жумушчу жок дегенде 8-10 миң айлык алса, алардын соцфондго жана киреше үчүн төлөгөн салыгы жалпы 250 миң сомду түзөт. Бул акча мамлекеттин өз чөнтөгүнө түшөт. Андан тышкары жаштар жумуш менен камсыз болот. Ишкер пайызсыз акча алат. Ал эми 24 пайыз менен берилген 1 млн. сомдон 240 миң сом пайда түшүп атат. Ойлонуп көрсөк, насыяны пайызсыз берүү менен бардык жагынан утуп атабыз. Бирок бул сунушка эч ким көңүл бургусу келген жок. Атүгүл мурдагы премьер министр Темир Сариев фондду ратификация кылып, сатыкка чыксын деген чечим чыгарып жиберүүгө үлгүрдү.

## Уурдамай токтосо, ишкана өнүгөт.

Бизде "Мамлекет начар менеджер. Кайсы тармак болбосун иштете албайт. Акыр аягы алып барып аңга тыгат" деген түшүнүк бар. Чынында эле ошондой, аны эч ким тана албайт. Ушундан улам опол тоодой киреше алып келе турган булактардын баарын сатып жок кылдык. Эми акчаны кайдан табарыбызды билбей аңкыйып отурабыз. Чынында мунун баары уурдамайдын кесепети. Түшкөн кирешени туш тарабынан талап атса, албетте ал ишкана артка кетет да. Эгер кайсы кана жетекчи болбосун тамагын тыйып, уурдаганды токтотсо эле ишкана кирешелүү булакка айланмак. Уурдаганды жазалоонун ордуна, банкрот болду деп сатып жиберүү менимче туура эмес.

## Банк тармагы ооруларды көбөйтүүдө

Азыркы банк тармагындагы эң чоң проблема – акчаны алдын-ала эсеби жок берилгендигинде. Кардардын күрөөгө койгон бир нерсеси болсо эле сураган акчасын бере бермей. Ал күрөө өзүнө тиешелүүбү же башканын мүлкүбү, алган акчасын актай турган иш баштап жатабы, же тойго жумшаганы жатабы, иштери жок. Иши кылса төлөй албай калса алып койгону кымбат бир нерсе турса болду. Унааңды бирөө сураса "Айдай аласыңбы, күбөлүгүң барбы?" деп сурайсың да туурабы? Мында деле ошондой болуш керек. Мына ушундай системанын кесепетинен адамдар инсульт, инфаркт, же ушул сыяктуу ооруларга чалдыгып атат. Мен муну өз көзүм менен көрүп атам. Бизге кайрылган адамдардын көбү мурун насыя алып төлөй албай, үйүн алдырып, ишти кайра нөлдөн баштайм дегендер. Оорулардын көбөйүшүнүн бирден бир себеби азыркы банк тармагы деп эсептейм.

## Ислам карыжлоо системасына өтөлү деп турабыз

Биздин фонд ушул банктардын бирин кайталап калбасын деп, каржы караңгылыгын жоюу максатында азыр ар кандай телеберүүлөрдү даярдап, телеканалдар аркылуу көрсөткөнү жатабыз. Миң уккандан бир көргөн артык дегендей, ар кандай брошюра, семинар өткөрбөй эле, азыр стартап проектилерди тартып атабыз. Ал рекламалык роликтерде бизнес башынан аягына чейин сүрөттөлөт. Биз кардарга бизнес план жазып, эсептеп, санап беребиз. Анан акча берип, үстүнөн көзөмөл кылып, ошонун аягына чейин шериктеш болуп, ишке ашырганга аракет кылабыз. Кыргызстанда насыяга жалпы элдин көз карашы терс. Анткени калктын 90 пайызы мусулман. Ал эми ислам дининде насыяга акча берүү арам оокаттардын катарына кирет эмеспи. Ошол себептүү улуттук банкка кайрылып, ишкерлерди өнүктүрүү фондун ислам каржылоо принциптери менен иштегенге уруксат алып жатабыз. Исламдык каржылоо деген сен ишкерге насыя бербейсиң, ага шериктеш болосуң. Аны менен үлүшкө отурасың. Ал пайда тапса сен да табасың, ал куйсө сен кошо куйөсүң.

Кыргызстанда көбүнчө адамдар насыяны айыл чарба багытына алат. Бул тармакта банкрот болуу коркунучу өтө чоң. Мисалы былтыркы көрсөткүчтөрдү алсак, картошкөнүн баасы 2.5 сом, төө буурчак 20 сом болду. Бул баа алган насыя түгүл, кеткен эмгекти да актаган жок. ЕАЭБге кирип, Орусия Казакстанга товар сатабыз деп жыргап аттык эле, баары теңирден тескери болуп чыкты. Жашылча базарга барсаң Орусиянын помидору, мал базарда Казакстандын малы сатылып атат. Азыр бизде эттин баасы көтөрүлүшү кыйын болуп турат. Анткени эт Орусияда 175 рубль экен. Ошентип биздин товар атаандаштыкка туруштук бере албай калды.



Зергерлердин ассоциациясынын төрагасы Чыңгыз Макешов

## Бирөөнү туурасаң өнүкпөйсүң

Негизи Кыргызстанда каалаган ишиңди жүргүзүп кетсең болот. Анүчүн элди туурабай, жаңы нерсе сунууну билишиң керек. Мисал катары өзүм негиздеген "Келдике" зер буюмдарын алалы. "Келдике" эмне үчүн ийгиликтүү компанияга айланды? Мындан 15 жыл мурун элдин баары Италия, Францияны мода тутуп турган. Сөйкө алса деле, шакек алса деле италияныкын талап кетишчү. Кыргыздын нукура сөйкө-шакектерин саткан адам жок эле. Бирок биз Италиянын зер буюмдарын туурап жасаган жокпуз, аларды ээрчиген жокпуз. Биз өз жолубуз менен кеттик. Элге жаңы, элде жок нерсени сунууну эп көрдүк. Моданы эч качан кууп жете албайсың. Аны бир гана жол менен кубалап жетип, ашып кетсең болот. Ал жаңы нерсе сунуу. Азыр "Келдике" Орусия, Англия, Кытай, Индияга сатыкка чыгууда. Ошол эле маалда аталган өлкөлөрдөн "Келдикенин" жасалмалары чыгып, кайра Кыргызстанга келип атат. Муну мен жетишкендик катары баалайм. Бизди бирөө туурап атат деп кубанам. Бирок жасалманы карап алып, жакшырак жасап койсо болмок деп өкүнөм. Негизи биз бирөөнү туураганды жакшы көрөбүз. Туурамай бардык тармакта бар. Чыгармачылык болобу, бизнес, индустрия болобу, кыскасы баардык жаатта туурамай күч.

## Акчаны интернетке салгыла

Эгер мен Бишкекте болсом, жаш болсом, завод-фабрика курганга акчам анчалык көп эмес, азыраак болсо, анда каражатымды интернет айдыңына жумшамакмын. Азыр дүйнө жүзүндө, ошондой эле Кыргызстанда да киреше алып келе турган булактардын бири интернет дүкөндөр болуп калды. Анткени интернет дүкөн аркылуу дүйнө жүзүнөн кардар таап, сатууга болот. Төлөө системасы азыр опоңой. Кыштын күнү контейнерде бүрүшпөй кааласаң үйдө, кааласаң көчөдө баратып ишиңди кыла бересиң. Дүкөнүң 24 саат ачык болот.

## Кара күч жумшоо айла жоктун иши

Байлыкка эмгек менен аракет жеткирерин баары билет. Бирок эмгектин да түрү бар. Анын биринчи түрү – баркы жок кара жумуш. Кара жумуш менен күнүнө 600-700 сом табасың. Кыйратып иштесең 2-3 миң сомго жалданып иштейсиң. Эмгектин экинчи түрү болсо жөндөмү барлардын эмгеги. Жөндөм менен бир нерсени үйрөнүп билип алгандан кийин, кара жумушчуга караганда көбүрөөк акча табасың. Алар ар кандай кесиптин ээлери болушу мүмкүн. Бирок эң көп акчаны кара күчүн эмес, жөндөмүн эмес, мээсин иштетип, мээси менен кызматташкан адамдар табат. Мисалы, Газпром менен "Apple" компаниясын салыштырып берейин. Газпромдун кирешеси жылына 400 млн., ал эми Apple компаниясыныкы болсо 600 млрд. долларды түзөт. Бул жерде Газпром компаниясы жерден чыккан мунай менен ушундай кирешеге жетип атат. А Apple болсо жок жерден бар кылып атат. Appleди Apple кылган Стифф Джобсдун мээсин айтпай коюуга болбойт.

Баарынын эле мээси иштеп кетсе кара жумушту ким кылат деп ойлошуңар мүмкүн. Мен бала чагымда үй-бүлөбүз менен кызылча экчүбүз. Төрт адам биригип 2 гектар кызылча бакчубуз. Өткөндө айылга барып калсам, бир жаш бала жапжалгыз 30 гектар кызылча багып атыптыр. Германиядан комбайн алган экен, сепкенди, отогонду, жулганды, чогултканды да ошол кылат экен. Ушундай мүмкүнчүлүктөр турганда кара күчтүн не кереги бар? Кара күч айла жоктун иши. Эгер байлык кара күч менен бааланса дүйнөдөгү эң бай адамдар жүк ташуучулар болмок деп ойлойм.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА







# Бала бөлмөсүн ырастоодогу беш ката

Гезитибиздин мурунку эки санында баланын иш бүрчүн кантип жасаш керектигине жана балага кандай эмеректер пайдалуу болоруна токтолгонбуз. Бул макалабызда баланын бөлмөсүн ырастоодо кетирилген негизги беш катага токтолобуз

Баланын бөлмөсүн ырастоо жооптуу маселелерге кирет. Аны жасалгалай турган дизайнерлер же өз билгениндей ырастагысы келген ата-энелердин бир нече талаптарды эстен чыгарбоосу керек. Бөлмөнүн коопсуздугу, табигыйлыгы, түстөрдү колдонуу жана аны тилкелештирүү боюнча буга чейин кеп кылганбыз. Кеңеш менен чектөөлөрдүн баарын санап сиздин башыңызды оорутпастан окуучунун бөлмөсүн ырастоодо ата-энелер кетирген беш негизги катаны талдап чыгууну туура көрдүк.

## Татаалдашкан дизайн колдонуу

Жогорудан баланын жаткан жерине чейин салаңдап келген гипсокартондон жасалган көп кабаттуу шып баланын бөлмөсүнө жарашпайт. Мындан сырткары, дубал менен бирге жасалган атайын жарыгы бар калың кооз секичелер, аркалар сыяктуу баланын ишине жарабаган, кооздук үчүн гана кылынган нерселердин баары ашыкча.

## Бөлмөнү эмерекке толтуруу

Баланын бөлмөсүндө достору менен кобурашып ойноосу үчүн кененирээк бош жер калтыруу туура болот. Ал үчүн дагы бир тумба же талпыйган шкаф алгандан көрө, баланын эмеректерин коюуга башка нерселерди ойлоп табуу керектир. Мисалы, дивандын астындагы көңдөйдү колдонуу, кичине шкафтын текчелерин өзгөртүп, китептерди жышыраак коюу менен бул маселени чечсе болоор.





## Өтө эле кымбат эмерек алуу

Албетте, ата-эне тааныш-билишинин баарына баласынан эч нерсе аябаганын көрсөткүсү келет. Болочок медалистине атайын буйрутма менен Италиядан алынган эмерек айныбай куп жарашары талашсыз. Бирок кийин балаңыз «абайла чийип алба», «диваныңа секирип ойнобо», «бул туш кагазга Омар менен түшкөн сүрөтүңдү» чаптаба деген сыяктуу сөздөрдү уга баштайт. Баланын бөлмөсүн ата-эненин жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө айланытып жибербеңиз. Балаңыздын бөлмөсү аны менен бирге өсүп-жетилген «тирүү» нерсе экенин жана аны бир нече жолу өзгөртөрүңүздү эстен чыгарбаңыз.





Бөлмөсүн жасалгалап жатканда балаңыздын пикирине көңүл буруу эске түйүп алчу эң керектүү нерсе. Окуучуңуз эс тарта элек ымыркай курагынан чыкты. Ошондуктан кандай түстөгү туш кагаз менен керебет жагаарын аныктай алат. Албетте, бардыгын ага тандата берүү да эрте, бирок эки отургучтун кайсынысы жагып атканын сурап коюу ашыкча болбойт. Бул учурда балаңызда бөлмөсүн ырастоодо кол кабыш кылуу сезими пайда болуп, ал бул ишке чоң кишидей олуттуу көңүл бурууну үйрөнөт. Бул анын келечек турмушуна керек болгон негизги сезимдерден.

## Баланын оюн билгенге аракет кылбоо

«Өз жүзү» жок бөлмөдөн көрө балаңыздын кызыгуусуна жараша жасалгаланган бөлмө жакшыраак. Балаңыз улам бир жаңы нерселерге кызыга берсе, аны алмаштырууга жеңил жана көп каражат талап кылбаган нерселерге колдонуңуз.

## Кичине чоңураак алалы

«Мектепти бүткөнгө чейин жетекендей болсун» деп баланын бөлмөсүн чоң кишиникиндей кылып салуу туура эмес. Балаңыздын көңүлүнө төп келбеген чоочун бөлмө анын окуусуна көмөкчү боло албайт. Анын бөлмөсүнө эмерек тандап жатканда балаңызды мүмкүн болушунча катыштырсаңыз жакшы болот. Эмеректин түсү жана бөлмөгө жайгашуусу боюнча анын да пикирин алганыңыз пайдалуураак.

Даярдаган
ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК

# Болот Назаров: “Балким Аалы, Жеңишбек агайлар жок биринчи орунду алып калдым”

Экинчи Көчмөндөр оюнун алкагында Кырчын жайлоосунда болуп өткөн айтыштан биринчи орунду алган жаш төкмө акын Болот Назаров редакциябызда конок болду. Жаш талант үй-бүлөсү, өнөрү, максаттары туралуу ойлору менен бөлүшүп, кызыктуу маек куруп берди

## Өзүмдүн атым Болотбек

Өзүм Нарындын кулуну болом. Азан чакырылган атым Болотбек. Бирок кичинемден бери эле “Болот, Болот” деп жүрүшүп Болот болуп калдым. Нарын сууну бойлой кеткен айылдардын эң акыркысында, Таш-Башат айылында өсүп чоңойдум. 11-классты бүткөндө элдин көчү менен мен дагы шаарга келип искусство институтуна тапшырып, ал жакта актер бөлүмүндө беш жыл окудум. Окуп жүргөндө Садык Шер Нияз түптөгөн “Айтыш” фондуна барып, акындар менен айтышып, устаттардан сабак алдым.

## Чоң атамдын ырлары акындыкка жол ачты

Акындык өнөрдү табият же талант деп коёт. Балким бул Кудайдын белегидир. Бул өнөрдү дагы жөн бербей, сынап берет тура. Сен муну кандай аздектейсиң? Түбүнө суу куюп өстүрүп аласыңбы, же ала көөдөк болуп жүрүп өлтүрүп аласыңбы? “Мен сага ушундай нерсе бердим, сен аны кандай пайдаланып, элге кандай таруулайсың” деп Кудай Таалам мага ыроолоп койсо керек. Мен чоң атамдын атынан Назаров болуп жүрөм. Чоң атам өзү санжырачы болгон экен. Боогачы атабыз менен чогуу сүргүнгө айдалыптыр. Ошондуктан анын ырларын жатка билчү. Мен да кичине кезимде чоң атамдан көп ыр жаттап алгам. Кийин унутуп калган жерлерин бул жери мындай болуш керек эле деп өзүм кошуп жүрүп, ырга болгон шыгым ойгонгон экен.

## Элмирбек Иманалиев 10-планетам

Устатым Элмирбек Иманалиев. Мен аны аң-сезимдин доктуру, 10-планетам деп коём. Ал төрт аягы төп жорго. Мен акындык бир өнөрдү аркалап жүрсөм, ал жети өнөрдү аркалаган киши. Колуна 20-апрель күнү Амантай агабыздын туулган күнүндө барыптырмын. Бара жатканда өзүмчө сүрдөп, беш жолу эшигин ачып жаап, артка кетип, кайра келип олтуруп араң киргем. Барганда эле Амантай агабыз менен айтышып калдым. Ошондон баштап аралашып жүрөм. “Айтыш” фонддо жүргөнүмө 6-жыл кетип жатат. Дагы эле сабак алып, окуп жүрөм. Акындык өнөр башка өнөрлөрдөй эле кажыбаган мээнетти талап кылат. Бул өнөрдө айта кетчү дагы бир нерсе бар. Төкмө акындыкта бир пайыз талант, анан көбүрөөк сезим керек.

## Китепкана - экинчи үйүм

Бирөө велосипед жасаса биз аны туурабай, кайра ага дагы эки дөңгөлөк кошуп, унаа жасашыбыз керек. Мындайча айтканда, өнүгүш керек. Байыртадан келе жаткан улуу көнөрбөс сөздөр аң-сезимибизде тунук турганы абзел. Ал үчүн китепкананы экинчи үй кылып алуу зарыл. Китепти көп окуйм. Өзүмдө Сагымбай атабыздын сегиз киллограмдык Манас китеби бар. Аны окуш үчүн Карасаевдин сөздүгүн алыш керек. Себеби ал жакта өмүрү кездешпеген сөздөр бар. Мисалы, “Апсана сөздөр арбагыз, апаң көлүп жайдабыз” дегенди кандай түшүнөбүз? Өзүбүздүн эле сөздөр чет элдин сөзүндөй болуп калып жатат. Ар бир китеп өз өзгөчөлүгү менен баалуу. Биз төрт-беш акын балдар бири-бирибизге атаандашып, жаңы китептер чыкканда сыясы кургай электе окуйбуз.

## Тойго такшалып алуу үчүн барабыз

Акындын университети дасторкондун чекеси. Маселен, тойлорго илгертеден эле жарчылык деп коёт. Ар бир замандын өз шарты бар. Тойлорго барабыз, ырдап беребиз. Мени тойго тааныштарым чакырат, же бир жерден байкап калышып, ушу баланы тоюма чакырайын деп чакырып калышат. Кээ бир убактарда өзүңөн-өзүң баргың келбей калат. Көп акчада эмес. Акчадан бийик турган нерселер бар. Ар бир адам ниетине жараша амал кылат. Биз акындар тойго такшалып алганга барабыз. Ал жерде канча деген эл турат. Ырдап, өзүңдү көрсөтүп өсөсүң. Биринчи максат бул болсо, экинчи максат жан багыш керек. Себеп дегенде бир дагы акындын туруктуу айлыгы жок. Бирок өнөрдү берген Кудай башкасын да унутпайт экен.



Жаш акын Болот Назаров

## Балким агайларыбыз жок биринчи орунду алдым

Эл деген көп. Калк айтса, калп айтпайт. Бардык нерсенин эки жагы бар. Ар ким өзүнө керек жакты карап алат. Аалы, Жеңишбек агаларыбыздын айтышка барбай койгону, балким жаштар өссүн дегенидир. “Өрдөк жокто чулдук бий” дегендей, балким ошол агаларыбыз катышпай, мен Көчмөндөр оюнунан биринчи орун алгандырмын. Болгону бардык нерсенин жакшы жагын ойлош керек. Тандоо турунда жогорку упай менен өттүм. Өзүм чырга жок баламын. Ызы-чуу болуп жатканын угуп калып жаттым. Бирок бул нерсе да жакшы. Демек, айтыш өсүп жатыптыр. Ийгилик болгон жерде чыр болуп турат. Атаандашуу башталса өнөр өсүп жатат.

## Алган байгемди карыздарга бердим

Өзүм 92-жылкымын. Жашоо шарт жаңы башталып жаткан учур. Жубайым студент. Жаздан бери эмгектенип жүрүп Кырчындан биринчи орунду алдым. Кетмен кармап кетип калсам, ыр калып калат. Себеп дегенде ойдун баары ырда болуш керек. Алган байгем менен карыздарымды төлөдүм. Байге алган сайын акындын баары өзүнө эстеликке бир нерсе алат. Мен дагы ошол сыяктуу иш кылдым.

## Жубайымда дагы акындык шык бар

Жубайым менен үч жыл сүйлөштүм. Мен чынында, эртерээк үйлөнүп калдым. Учурда эки балам бар. Улуумдун аты Асман, экинчим кыз, Мөлмөл. Жубайым Нарындан болот. Азыр шаарда, батирде турабыз. Чечен айтыштан таанышып калганбыз. Ал жерде менин акын экенимди көбү билчү эмес. Дос балдар менен барып калдык. Алар дагы университеттин атынан чечен айтышка барып калышыптыр. Ошентип ал жерден таанышып, баш кошуп калдык.

## Мен айтышта биринчи тийишпейм

Мен ушул убакка чейин акындарга тийишип көргөн эмесмин. Жооп берип гана келе жатам. Өзүмө ушундай шарт коюп алгам. “Сүзөөнөк болсоң жашыңда, үзөөнөк болосуң кийин” дегендей. Албетте, айтышта элге кызык нерсе керек. Бирок кеп сен сары, кара дегенде эмес да. Айтыш деген бизге элдин атынан берилип жаткан трибуна. Мага ар кандай айткандар болот, мен болгону жооп гана берип келе жатам.

## Колуман жакшы ата болуу гана келет

Жашоодо болгону эки гана максатым бар. Өзүм дагы көп ойлондум. Менден кыйратып бизнесмен деле, же башка кыйраткан неме деле чыкпайт. Эки нерсе гана колуман келет экен. Жакшы ата жана мыкты акын болуу. Натыйжада ушул эки максаттын артынан түшөйүн деген ниетим бар.


ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Кайда барсаң өзүм билем дегендин шору

Өткөн жумада кырына чыгып алып Кыргызстанды карачу опол тоодой эки окуя болду. Биринчиси, Нью-Йоркто Генералдык Бириккен улуттар (БУУ) уюмунун 71-сессиясы болуп өттү. Экинчиси, Орусияда аяктаган парламенттик шайлоо. Булар бизге «кандай болуубуз зарыл» деген суроого жооп издөөгө жардам берет болду экен?









## Орусиядагы шайлоо

Биздин орусиялык саясатка киндиги туташ атка минерлер үчүн тоодой көрүнгөн окуя Москванын бөксө тоолорунан бийик эмес. Анткени Орусияда өткөн парламенттик шайлоо биздин акыркы партиялык шайлообузга караганда технологиялык жана башка жагынан алганда кыйла начар болду десек аша чапкан болбойбуз.

Технология демекчи, кантип тартылганы белгисиз, Орусиянын он чакты жеринде тасмага түшүрүлүп, интернетке жайылып кеткен видеолордо абал мышык ыйлаарлык. Элдин келечегине таалимтарбия берип жаткан мугалим эжелер бирөөсү кароолго тура калып, экинчиси шайлоо сандыгына тутамдап бүллүтен тыгып атат. Тыгып жиберүү да алдын-ала ойлонулуп, ыңгайлаштырылган. Болгону сандыктын капкагын бекиткен мөөрлүү жипти бошураак кылып кой, бүттү, ыгы келгенде көтөрө салып бүллетендерди шуулдатып уруп жибересиң.

Ошентип Орусиянын президенти Владимир Путинге жакын «Бирдиктүү Орусия» (Единая Россия) мурункуга караганда 4 млн.го аз добуш алса да, марага биринчи болуп чыгып, Мамдумада Конституцияга өзгөртүү киргизе алгандай көпчүлүк добушка ээ болушту. Сан жагынан алганда буга чейин Мамдумада 450 орундун 238ин ээлеп отурган болсо, азыр 300 орун томуруп алды. Мунун себеби элдин шайлоого аз келүүсүнө байланыштуу. Акыркы 2011-жылкы шайлоого орусиялыктардын 60%ы катышса, өткөн жекшембидеги шайлоого 48% шайлоочу гана келген. Айрыкча, Москва жана Санкт-Петербург сыяктуу миллиондон көп жашоочусу бар шаарларда шайлоого укуктуулардын үчтөн бири да келген эмес.

Орусиянын шайлоосунда оппозициялык күчтөрдүн баары биригип беш пайыздан араң аша алышты. Мунун себебин териштиргендер жалпыга маалымдоо каражаттарынын толугу менен бийлик тарапка иштегенин айтышат. Бирок мындай таш-талканы чыгып утулуунун негизги себептери башка. Биринчиси, оппозициялык партиялардын шайлоого жакындап калганда гана жүгүрүп калуусу. Экинчиси, майда-барат нерселерди талашып биригө албоо. Үчүнчүсү, берген убадаларына карабай, өздөрү сындаган бийлик тарапка бириндеп өтө качып, шайлоочулардын алдында аброюн түшүрүп алышкан.

Жогорудагы сапаттар биздин оппозициябыз деген партиялардын кылыктарына айныбай окшоп жаткансыйт. Орус коому мындай саясачылардын амалынан качып, шайлоого келбей коюп кутулуп атат. Кыргыз коому болсо жаңы ыкма тапканын жергиликтүү шайлоодо көргөздү. Муну капчыктары бош эмес партияларыбыз да аңдады. Акчаны жарнамага коротпой, шайлоочунун колуна кыстара салсаң болду. Демек, шайлоочулардын шайлоого келүүсү бизде азайбайт, көбөйөт. Биз бул жагынан да орустарды ээзели алдыга чыгарбайт окшойбуз.

## «Бийликте калуу үчүн Конституциясын алмаштырууда»

Биздин Ажобуз сыяктуу кетүүгө камынган жетекчи көп. Алардын чын эле биротоло кетеринен эч ким күмөн санабайт. Мисалы, БУУнун Генералдык катчысы Пан Ги Мун. Анын коштошуу сөзүнөн эле кайран аксакал ошол орунда бекер отурбаганы билинди. Эмесе, сөздү ээсине берсек.

Саясий лидерлердин көбү өз жарандарынын кызыкчылыгына кыянаттык кылууда деген оюн билдирген БУУнун жетекчиси: «Көп мамлекеттин лидерлери бийликте калыш үчүн Конституцияларын кайра жазуу, шайлоону өз билгендей колдонуу сыяктуу аракеттер менен тырбаландап бийликте калуу аракетине өтүштү. Алар кызматын жеке менчиги эмес, жарандарынын ишениминин натыйжасы экенин түшүнүүсү керек. Мен алардын бетине эле айткым келет. Силер элиңерге кызмат кылууңар керек. Демократияны копшогондү, өз өлкөңөрдүн табигый байлыктарын талап-тоноону, атаандаштарыңарды капаска тыгып, басмырлаганды токтоткула!» – деп арам кекиртек жетекчилерди ашкереледи.

Пан Ги Мун дипломатиялык этикетти жыйыштырып, мамлекеттер учурдун көйгөйлөрүн чече албаганына токтолуп: «Жарандар менен лидерлери эки башка дүйнөдө калды. Экстремисттер адамдарды «өзүнүкү» жана «башканыкы» деп бөлүнүүгө түртүүдө. Көп адам күн сайын коркуу менен жашап атат. 130 млн. адам өмүрүнүн үчүгүн араң улап келет. Алардын көбү биздин келечегибиз болгон жаштар менен балдар. Бул залда жөнөкөй жарандарга кылынган мыкаачылыкты көрмөксөнгө салгандар, же ага катышкандар, же аларды мерчемдеп ишке ашыргандар олтурушат. Эми мындан ары кайда барабыз? Бирок айбандыктын түпкүрү жок сыяктуу», – деген ачуу чындыкты айтты.

БУУдагы эрежелердин адилетсиздикке жол ачып жаткандыгы тууралуу Генсек: «Мен кеңири колдоого татыган көп демилгелерди бир же бир нече мамлекет бөгөп салганына күбө болдум. XXI кылымда бир, же бир нече мамлекет эч нерсеге таянбаган эбегейсиз укукка ээ болуп, бүт дүйнөнү барымтага алып алуусу акылга сыйбайт», – деп нааразылыгын билдирген.

Бул сөздөрдү уккан адам «элимди каалагандай башкарам, өзүмдү-өзүм билип, өтүгүмдү төргө илем» деген жетекчи элдин акысын жеп-ичкени, саясий атаандаштарын куугунтуктаганы, укукту жыйыштырып, соттордү каалагандай чечим чыгартканы тууралуу дүйнөнүн кабары жок деп айта албайт. Ошого жараша ойлонуп иш кылганы жакшы болоттур.

## «99%ынан 1%ы бай дүйнө эч качан туруктуу болбойт»

Дагы бир «кетер конок» Америка кошмо штаттарынын президенти Барак Обама: «Эки айрылыш жолдо турабыз. Биз же бири-бирибизге жардамдашкан мамлекеттерге айланабыз, же түскө, динге, аймакка жараша ажырап, кылымдар бою келе жаткан араздашууга кайтабыз. Узак мөөнөттүк мээнет менен келген адам укуктары, ачык базар, эсеп берген өкмөт жана демократия принциптери өнүгүүнүн пайдубалы экенин унутпасак. Бул теория жана идеологияга эмес, бул тарых менен факт. Учурда авторитардык жана либералдык башкаруунун атаандаштыгы байкалат. Мен албетте, либералдык башкаруу тараптамын. Либералдык дегенде бир гана таза шайлоо жана элдин ишенимине ээ болгон башкаруу гана эмес, адам укуктарын сыйлоо жана көзөмөлдөө, көз карандысыз сот системасы менен укуктун үстөмдүгүн айтып атам. Көп өкмөттөр ачык базарды колдонгону менен ачык коомдун күчүн көрмөксөнгө салып келишет. Заманбап шарттарда ачык экономика акыры коомду да ачыш керек», – деген ой айтты.

**Бириккен Улуттар Уюмунда кимдин ким экени ортого чыгат**


Интернет эң алыскы айылдарды дүйнө менен бириктирди деген Обама оюн: «Технологияларды кайра артка кууп, капаска бекитип сала албайбыз. Дүйнөнүн биригүүсүнө атайын тосколдук кылгандар бар болгону менен демократия барган сайын күчтөнүп баратат. Жердин төрт тарабында адамдар өздөрүнө урмат-сый талап кылууда. Ашкере динчилдик, улуттук өзгөчөлүккө негизделген саясат, ашкере солчулук же оңчулдук сыяктуу нерселерди эске албай коё албайбыз. Алар азгырганы менен узак мөөнөттөгү өнүгүүгө жол ача албаганын да тануу кыйын», – деп сөзүн улантты.

Адамзаттын биригүүсүнө тоскоол болгон жогорудагы нерселерди ашып өтүү үчүн бир нече чараларга токтолгон АКШ президенти: «Глобалдуу экономика артыкчылыгы барларга гана эмес, калктын кеңири катмары үчүн иштеши керек. Акчалуулар салыктан 8 триллион долларды катып жатышат. Бир пайызы калган 99 пайызынан көп байлыкты мыкчып жаткан дүйнө эч качан туруктуу болбойт. Бул эски маалымат, бирок интернет мындай абалды ашкерелегенден ашкерелеп баратат. Бул адилетсиздикти көргөн адамдардын өкмөттөрүнө болгон ишеними урап түшүп жатат. Байларын сурак-соболго тарта албаган коом чирип жок болот», – деген пикирин ортого салды.

## Корутунду ордуна...

Жогорудагы регионалдык жана глобалдык деңгээлдеги көйгөйлөр өлкөбүздө да жок эмес. Биздин саясий лидерлер жана коомдук элита буларды эске алуусу керек деген ойдобуз. Бул көйгөйлөрдөн чыгуу жолдору да жашырылбай так айтылган сыяктуу болду. Туура эмес нерселерден качып, туура нерселерге умтулуу бизди эгемендүү мамлекет жана дүйнөлүк саясий-экономикалык субъект катары калыптануубузга жол ачары шексиз. Антпесек Түркиянын президенти Таййип Эрдоганга окшоп БУУда өз үй-бүлөсүнүн жемкордугун жашыруу үчүн бирөөлөрдүн бетин тырмоого мажбур болосуң. Өзүнө тиешелүү телеканалдар болсо Барак Обама сүйлөп жаткандагы зал толтура кол чапкан элди сенин куру сөзүңөн качкан залдын ордуна чаптап кыйналат.

Сарсеп гезитинин аналитикалык тобу




# «Мен чыдабай калдым!»: Тажаткан жумуштан кантип кетсе болот?

**Үч жыл мурун америкалык Трейси Колдуэл эң алдынкы интернет-компаниядагы жумушунан кетти. Жумуштагы стресстер анын өмүрүнө коркунуч алып келе баштаган**

Азыр 53 жашка чыккан Колдуэл: «Мен акыры жумуштун артыкчылыгы уйкунун качуусу деген илдетти актабай калган чекке жеттим. Өз кесибиңдин эң алдыңкысы болууң керек, албетте, бул жакшы нерсе. Бирок сырттан караганда билинбегени менен жумуш күндөн-күнгө узарып бара жаткандай сезилет. Бир нерсенин аягына чыга албай жаткандай болуп кыйнала бересиң. Мен жумушум менен оорučумун. Бар экенине шүгүр кылганым менен, аны жек көрүп калдым», – дейт.

Колдуэл компаниясынан кетүүнү туура көрдү. Көбүбүзгө бул сезим тааныш, бирок мындай кадамга барууга эрк жетпейт. Британияда жалданып иштеген он адамдын жетөө ишин жакшы көргөндүгүнөн эмес, ага акча үчүн гана байланып турганын айтышат. Мындай маалыматты жаңы билим жана жөндөмгө ээ болуу үчүн үйрөтөм дегендер менен байланышууну каалаган адамдарга жардам берген Learncliki.com сайты тараткан. Gallup коомдук кызматынын сурамжылоосу боюнча Америка Кошмо Штаттарында да ушундай эле абал. Суралган адамдын 70% жумушуна кайдыгер же аны жек көрөт.

Кызматына кош көңүл же наразы болуу глобалдык тенденцияга айланып баратат. Ошол эле Gallup компаниясынын маалыматына караганда Кытайда 6% адам гана өз ишине ыраазы. Австралиялык Martin College институтунун изилдөөсүнө караганда Австралияда болгону 22% адам ишине ыраазы жана аны алмаштыргысы келбейт.

«Жумушу жакпаганына карабай адамдар үй-бүлөсүнө берилгендиктен же акчага байланыштуу милдеттенмелери бар болгондуктан бир иште калышат, – дейт кеңсеси Батыш Австралиянын Ист Парк шаарында жайгашкан Insight Career Management консалтинг компаниясынын башкаруучу директору Стивен Маккиң. – Эгер ишиңиз сизди кызыктырбай калса, эгер сиз жетишерлик бааланбай жатсаңыз, эгер дүйшөмбү таңы жумаңыздын эң оор күнү болуп калса, демек сиздин алга жылуу маалыңыз келди».

Канткенде чыдоого мүмкүн болбой калган жумуштан эң аз жоготуу менен кетсе болот?

## Бул үчүн эмне керек?

Жаңы иш издөөдө натыйжалуу болуш үчүн англисчеде networking термини менен берилген керектүү контакттарды тез табуу эпчилдиги керек. Андай жөндөмүңүз жок болсо жумуштан кетүү арызын берерден мурун үч айдан жарым жылга чейин жеткидей каражат топтоп алууңуз абзел. Мындан сырткары, жаңы жумушка, же бекерчиликке, же жеке иш ачууга, же өз кесипкөйлүгүңүзгө ишенип «каалаганымдай иштейм» дегенге чечкиндүүлүк жана эрк керек болот.

## Канча мөөнөт даярдануу керек?

Буга чейин жыйнаган каражатыңыз болбосо, жүрүп бараткан эски арабадан түшө качардан мурун жаңы жумуш издөөгө убакыт чуктаңыз жана бир нече ай акча жыйнаңыз. Бул даярдыкка кетчү убакыт тармагыңыз жана макамыңызга жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Эгер жумуш караштырую мөөнөтүнө жетчүдөй акча топтоп алган болсоңуз, иштин кожоюнуна кетип жатканыңызды айтып, коштошуп коюу жетиштүү болот.

## Эмнени дароо кылуу керек?

Жаңы жумуш издеп баштаңыз. «Сиздин буга чейин ишиңиз бар болсо, жашоонун жаңы чыйырын ачуу дайыма жеңил болот», – дейт Сиднейдеги Right Start Career Counselling компаниясынын жумушка орношуу боюнча кеп-кеңеш берген директору Хелен Ларсон.

Жумуштан чыгарыңыз менен иш берген тарап камсыздаган коомдук пайдалар (мисалы, АКШда өмүр менен денсоолукту камсыздандыруу) сиз үчүн иштебей каларын унутпаңыз. Ошондуктан жаңы жумуш издегөө маалында деле эски жумушка байлана турган жакшы. АКШ жана Британия сыяктуу мамлекеттерде сиз себепсиз эле жумуштан чыгам десеңиз, жумушсуздук жана башка себептер менен жөлөк пул алууга акыңыз болбойт.

Жаңы жумуш табуу үчүн сиз жаңы адамдар менен таанышууңуз керек. Жаңы байланыштарды түзүүгө жардамдашкан тармактык атайын иш-чараларга катышуу зарылчылыгы туулат. Кай жерде олжолуу болоруңузду алдын ала айтуу кыйын.

## Алдын ала эскертиңиз

Сиздин абалыңызда дароо кетүү талап кылынган эч нерсе жок болсо, адатта, кожоюндарга эскертүү эки-төрт жума мурун берилет. Бирок мүмкүн болсо сиз иштеп жаткан долбоорлорду ийне-жибине чейин башка кызматкерге тапшырып берсеңиз сонун болот.

«Эгер сиз өзүңүздүн жаңы ордуңузду аныктай элек болсоңуз, айтылгандан кийин бир топко созулган кетүү мөөнөтү компанияга да, сизге да пайдалуу болушу мүмкүн, – дейт Стивен Маккиң. – Бул убакта иш берген тарап сиздин ордуңузга жакшы кызматкер тапканга үлгүрөт, сизге болсо эңсеп жүргөн жумушуңузду табууга мүмкүндүк берет».

## Ишти чын дил менен улантыңыз

Сиз кетүүнү чечкенден кийин да өз ишиңизди эң жакшы деңгээлде кыла бериңиз. «Өзүңүз тууралуу жакшы пикир калтырыңыз. Артыңыздан сизди эң жакшы сөздөр менен эскеришсин. Дайыма жогорку сапатта кала берүү өтө маанилүү», – деген кеңеш берди WhatsForWork.com. карьера тууралуу америкалык сайттын жетекчиси Тери Хокетт.

## Активдериңизди коруңуз

Компанияда бир нече мөөнөт иштегениңиз үчүн пенсиялык же башка төлөмдөргө акыңыз болушу мүмкүн. Ошондуктан жогорудагыдай төлөмдөр же чегерүүлөрдүн мөөнөтү жакындап калганда жумуштан кетип калбаңыз. Бул иш берген тарап чегерген, бирок сиз коротууга үлгүрбөй калган акча-каражаттарга да тиешелүү жагдай. АКШда мисалы, мөөнөткө байланыштуу медициналык кызмат көргөзүү же иштебеген үй-бүлө мүчөлөрүнө берилчү чегерүү эсептери бар. Мындай жеңилдиктерди эшикти сыртынан жапканга чейин толук пайдаланууга аракет кылыңыз.

## Эмнени кийинкиге калтырса болот?

Жумуштан кетүүгө түрткү болгон жагдай жана абалыңызды жакшылап талдап чыгыңыз. Жаңы жерге орношкондо ушул эле каталарды кайра кетирбеңиз.

Кетер алдында «айтчу кез келди» деп жетекчиликке ойлогон оюңуздун баарын башынан аягына чейин айта бербеңиз. Аларды анча-мынча бал менен аралаштырып айтсаңыз, эки тарапка тең пайдалуу болот.

«Кең пейил кесипкөйлүктү дайыма көрсөтүңүз. Берилген мүмкүнчүлүктөр үчүн жетекчиликке ыраазылык билдирип коюңуз, – деген кеңеш берет Ларсон. – Ошону менен бирге эле бул орун сизге ылайыктуу эместигин түшүндүргөнгө аракеттениңиз».

Сиз мисалы, жумуштун мүнөзү толук ачылууңузга мүмкүндүк бербегенин, ишканадагы жамааттык маданият сиздин талаптарыңызга толук жооп бербегенин айтсаңыз болот. Акыры аябай жакшы сунуш алгандыгыңызды айта кетиңиз. Азыркы жетекчиңиздин кепилдемеси келечекте керек болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан сизге жакпаган нерселерди майдаланып айта беруүнүн зарылчылыгы жок.

## Мурунку жетекчи менен кесиптештер тууралуу жаман айтпаңыз

Бул кеңешти болочок иш берүүчүлөр менен маектешерде да эстен чыгарбоо керек. Токтоо болуңуз. «Мурунку компаниядан кесиптештериңиз менен тил табыша албаганыңыз үчүн, же сиздин оюңузча жетекчи көк мээ болгондуктан ишкана жакшы башкарылбаганын келечектеги иш берген тарапка айтпаңыз, – дейт Ларсон. – Сиздин эмнеге кеткениңиз тууралуу сурагандарга жаңы бийиктиктерди багынтуу үчүрү келгенин айтсаңыз эң жакшы жооп болот».

## Кетүүнү акылга салып калчаңыз

Ойлонуңуз. Кетээр алдында сиздин ишиңизде эмнелер тетири кеткендигин аныктаганга бир нече убакыт сарптаңыз. Балким, маселе компаниядадыр? Сиздин кызматтык милдеттериңизде чыгар? Жетекчи же кесиптештердеби? Сизде бир нерсе өзгөргөн жокпу? Бул жагдайдан чыкканга аракеттендиңизби?

«Эгер абалды ушул тапта талдабасаңыз, сиз келечекте иштеген жерде ушул эле көйгөйлөргө кабылуу коркунучунда болосуз», – дейт карьераны баштоо же алмаштырууга жардам берген британдык TheCareerCoach.co.uk компаниясынын ишке орноштуруу боюнча кеңешчиси Рос Тойнби.

КЕЙТ ЭШФОРД
BBC Capital

# Кыңыр иштер жана катылган мүлктөр тууралуу

Саясатта Атамбаев менен Текебаев өңдүү эки дос алыша кетип, ортодо айтылбачу кептин баары айтылып, далай сырлар чачылып эле жатып калды. Кыңыр иш кырк жылда билинет дечү эле кыргыз, кырк жылга деле жеткен жок. Бир заматта эле салынган үйлөр, басылып алынган жерлер чууруп чыгып отуруп, аягында бул жалган менен табышмактуу кош айтышкан азирети муфтийибиз ыраматылык Мураталы ажы Жуманов тууралуу да айтылды. Эмесе, бүгүн фейсбук баракчасынан алынган жыйнагыбызды ошол адам тууралуу маалымат менен баштап берсек...

## Бейшенбек Бекешов

Бейиши болгон Мураталы ажы жаштыгына карабай турмуштун ар бир жаңылыгын илгиртпей түшүнгөн баамчыл, эч убакта бирөөгө катуу айтпаган, оозунан эзели жаман сөз чыкпаган, адамкерчилиги, улуу-кичүүгө мамилеси өтө бийик исламий аалым эле.

Ал муфтий, мен КТРде директордун орун басарымын. Диний көрсөтүүнү эфирге чыгаруу тозоктун тозогу. Эптеп молдолор акчасын төлөдү аты кылып орозо мезгилинде бир маал азанды араң обого чыгарабыз. Орозо аяктап калганда телефондон сүйлөшүп алып Мураталы ажынын кабинетине өзүм бардым.

- Ажы аке, - дедим. - Сен тарыхта калчу бир иш бар. Орозо айт жакындап келатат. КТРдин эфиринин эң төмөнкү коммерциялык баасы 1 мүнөтүнө миң сом. Эптеп бир 60 миң сом тап. Мен муфтият эфирди сатып алды кылып, айт намазы учурунда 1 саат эфир алайын. Жарым саат өзүң даават кыласың, жарым саат элди намаз окутасың. Анан ошону тартып түз эфирде көрсөтөлү. КТРдин тарткан акысы эле андан алда канча чоң болот. Мен аны эптеп ыгын таап жаап коёюн. Намаздын эфирде көрсөтүлгөнү намаз окугандар үчүн кереги жок. Бирок намаз окубаган жүз миңдеген киши телевизордон көрүп олтурса, андан өткөн даават болобу?

Мураталы ажы мунун маанисин дароо түшүндү. Мени менен талашып-тартышкан да жок. Унчукпай бир топко турду да:

- Бейшен аке, 50 миң сом кылың, - деди. Мен күлүп, эми жетпеген 10 миң сомдун жарасы жеңил экен. Муфтияттын акчасын үнөмдөп жатат да бу деле. Арга кетсе демөөрчү табылаар деп ойлоп, кол алышып кете бердим.

КТРдин чоңу Кыяс Молдокасымов эле. Акчанын кемигенин айтсам этибарга деле алган жок. Мейли, уюштура бергиле деп кол шилтеп койду.

Айт намазынын ошол алгачкы түз эфири укмуштай сенсация болду. Мураталы ажы да дува кылганда "Ушу алакан жайып телевизор көрүп олтургандардын да дувасы кабыл болсун!" - деп бүт өлкөнү бир жамаатка айлантып бата кылды. Бүт өлкөнү бир жамаатка айлантып намаз башкарып, бата кылуу кимдин түшүнө кирет эле. КТРчилер да кайдан-жайдан автокрандарды жалдап келип, аларга операторлорду чыгарып, аябай коош кылып тартып көрсөттүк.

Ошентип айт намазын түз эфирде көрсөтүү салтка айланды. Аны кийин КТРге жетекчи болуп барган ыраматылык Мелис Эшимканов да токтото алган жок. Бирок айт намаздарын акчасын төлөтпөй акысыз көрсөтүү 2010-жылдан кийин гана мүмкүн болду. Ошентсе да мунун маанисин бүгүнкү күндө деле билген бар, билбеген бар. Эмнеси болсо да Жараткан Кудай арабыздан кырчынында кеткен аалымыбыз Мураталы ажыга Бейишин берсин. Анын ушул элдин жакшылыгы, ыйманы, арууулугу үчүн жан үрөп жашап өткөнүнө аны жакындан билгендердин баары күбө. Анын Кудай деген эркин эң мыкаачы зөөкүрлөр да сындыра албаганын билебиз.

## Нурмухаммед Жумабеков

**"Санаага салган саясий сойкулук"**

Менин бир айылдаш агам бар. Пайгамбар жашына жакындап калды, а мүмкүн алтымыштан ашып кеткен чыгаар... Мен ал кишинин жашын эмес, кандай жашаганын өзүмө жана өзүмө окшогон жаштарга, айрыкча саясат майданына сапар алгандарга пайдасы тиер деп жазып жатам. Мен эс тартканда ал киши "Алга Кыргызстандын" желегин айылга алып келип илген. Арадан жылдар алмашкан соң "Ак Жолдун" аймагыбыздагы атаманы болуп келип калды. Кайран киши талапкер болгону менен мандатка малдаш токунуп отура алган жок. Апрелде ажо артын карабай качкандан кийин күзүндө парламенттик шайлоодо баягы байке дагы келди. Азамат десе, бул жолу "Ак Шумкардын" канатына конуп алыптыр. Сариевдин жанына жанаша түшкөн сүрөтү айылыбызда бакыйып илинип турду... "Ак Шумкар" Жогорку Кеңешке өтпөй калды... А бирок айыл ал кишини аз да болсо колдоп берген. Андан кийин ал байкенин дайыны жок. Беш жыл сайын шайлоо эмеспи, 2015-жылы айылыбыздын алдыңкы адамы (өзүн ошентип ойлосо керек) жарк деп айыл-апанын арасын аралап калды. Бул жолу "Республика-Ата Журттан" келиптир, тим эле алдыңкы тизмеде. Айтымында агасы илгертен эле РАЖды колдочу экен. "Ак Шумкарды" апасы жакшы көрчү экен, "Ак Жолдо" досу бар имиш. Айтор, ушундай. Бирок бул жолу эл ишенген деле жок. Анысын өзү да сезген окшойт. 4-октябрь күнү спринтерлер менен шайлоочулар шаардан ташылды. Көрсө, "Форма 2" дегенди Тайырбек таап чыккан экен. Ошону пайдаланып жатып айылдан алдыга араң чыкты. Бирок менин "баягы-ы байкем" депутат болбой калды... Эмнеге ыя? А мүмкүн биз ар күнү ашатып сөккөн Ак Үй дагы саясий сойкуларды жаман көрөт окшойт ээ?

## Семетей Талас уулу

Өткөндө ЦУМ тараптан кесиптеш иним Кудрет Тайчабаровго жолугуп калдым. Көптөн бери жолукпагандага сөзүбүз оо далайга кызыды. Бир дем токтобой 2 саатка чукул сүйлөшүпүз. Айтып отурганын уксаң эми укмуш, пай-пай, саясатчылардын далай "секреттерин" билет экен. Өзү да аралашкан жерлери бар)))



Мурдагы Муфтий, ыраматылык Мураталы ажы Жуманов

Эми ошол окуяларды китеп кылып жазганга бел байлап жүрүптүр. Ал китеп чыкса бестселлер болчудай. Себеби, саясатчылардын көшөгө артындагы жашоосу, селкилер, арам акча, сауна жыттанган китеп чо-оң резонанс жаратары бышык. Китебиңди күтөбүз Кудрет иним, бирок өзүң абайла кокуй. Аты-жөнүн жарыялап салбай Какиш-Пакиш деп эле жаза келгенде эл өзү түшүнүп алат.

## Майрамбек Абдрасулов

Эки күндөн бери күндүн, то есть фейсбуктун темасы Фарид Ниязов болуп атат. Шеф ден-соолугун чыңдап алсын. Эми Фарид Ниязов Атамбаевдин эң жакын адамы. Фарид Ниязов 2010-жылдан кийин катуу байып кетиптир. 13 жер тилкеси бар экен. Президенттин досу Албек Ибраимовдун 32 жер тилкеси жана 100 гектар жери бар экен. Бул жер тилкелери гана. Үй, особняк, кафе-ресторандарын эсептебей туралы. Элестетип атасыңарбы???

Буга чейин президенттик аппараттын мурунку башчысы Данияр Нарынбаев дагы коррупция беренеси менен камалбадыбы. Демек, Атамбаевдин жакын адамдары ушундай булганыч ишке аралаш болсо бул бийлик толук эле "иши бүтүп калган" экен деп тыянак чыгардым.

Эми, 1-октябрда президент Алмазбек Атамбаев жумушка чыгышы керек. Ал келсе дагы көп суроолор бар. Ал кишинин тез сакайып кетишин каалайм!

## Эрнис Кыязов

АБСОЛЮТТУК БИЙЛИК кимди болбосун чалчаңдатып, тайраңдатып жиберет, анткени пендени табияты ошондой окшойт... Пендең кургур курсагы ачта башкача, курсагы токто башкача ойлонот эмеспи, ашыра тоюп алганда өтө ач кезин тез эле унутуп калат бечара. Курсак напсиси менен бийлик напсиси дээрлик окшош эле. Азыр системабыздын аты эле "парламентаризм" болбосо, ак үй-көк үйдүн баары, бизнес-журту, кызылдар менен каралары, партиялар менен соттору.... баары БИР КИШИНИН урматы үчүн бери карап жылмайып, ары карап өз арбайын сого берген заман болбодубу. Тиги киши "мага гана кулдук ур" дебеген чакта деле, ушундай бир системаны куруп алдык дейсиз. БИР КИШИГЕ караштуу паровозго түшүп алдыңбы, бүттү сен асти кор болбойсуң. :)Эң негизгиси, темселеп паровоздун артында да калбай, "ураалап" алдыга да секирип кетпей, о-оортосунда кылды-раа-ап жүрүп бараткандай түр көрсөтө алсаң ийгилик акыры сеники. Кыскасы, Батыштын демократиясына Кокондун чапанын кийгиз да, сыр алдырбай демократтарча жөтөлүп коюп жашай бер. :)Көбү жакшы көргөн, көбү жаман көргөн Текебаев бир нерсени такай моюнга ала жүрмөйү бар. Өзүнө көп бийлик топтоп алган кишинин иши акыры жакшылык менен бүтпөй турганын, бийликтин чалчаңдап кетүүсүнө жол бербей турган система керек экенин Акаев, Бакиев учурунда көп айтып жүрдү эле, эми азыр деле БИР КИШИНИН колуна амалдуулук менен көп бийлик топтолуп калганын сезип атабы, жокпу, же президенттик аламан байгенин тизгинди коё берчү моментин күтүп олтурабы, айтор, айлана -тегерек кулак-мурун кескендей мемиреп тынч. Кээде гана майда-чүйдө оппоненттердин "чыйк-чуйк,кыйк-пыйк.." деген үндөрү болбосо, негизинен жымжырттык. Жөн жымжырттык эмес, "алжыке ажонун аны-мунусуна кичине чыдай туралы" деген шектүү жымжырттык..

# Ичкен кудугуңа түкүрбө

Бул окуяны мага бир тааныш таксист айтып берген эле. Эмесе, сиздерге муну биринчи жактын атынан эле баяндап берейин. Ноябрь айынын таңы эле. Ноябрда бардыгыңыздар эле билесиздер, аба-ырайы ушунчалык жанды кейитет эмеспи. Көчөнүн баары баткак, чыла. Басаарга кургак жер таппай каласың. Жолду бойлоп кардар чыгып калабы деп акмалап машинамды акырын жылдырып кетип баратсам, бир эрди-катын жол тосуп туруптур. Мен унаамды токтотуп, тигил экөөнү салдым. Алар түз эле райондук сотту көздөй айда деп буйрук беришти. Мага эмне? Үй-бүлөмдү багыш үчүн руль тегеретип жүрөм да. Айда деген жагына айдап жөнөдүм. Мага эмне шам. Сыртта болсо суу кар жаап баштап, күн чыкыроон тартып кетти. Машиненин ичине киргенде тигил экөөнүн дене-бою жибип, боло турган сот процесси тууралуу сүйлөшүп баратышты. Көрсө, алардын жакын тууганы соттолуп жатыптыр. Аны соттой турган сот өтө катаал, каардуу имиш. Андан баары коркуп, тайсалдашат дешет. Эптеп эле тууганыбыз акталып кетсе дегенде эки көзү төрт. Экөө ушинтип санаа тартып кетип баратса, алдыдагы аялдамада суу кар кийиминен өтүп кеткен эже жан талаша машиналарга кол булгалап жатты. Чынында, кайдадыр аябай шашкандай түрү бар. Менин бул эжеге боорум ооруп, машинени акырындатып барып жол жээгине токтодум. "Келиңиз эже, отуруп алыңыз, жолубуз бир болсо ала кетели" дедим. "Райондук сотко чейин ала барчы, иним" деди. "Биз да дал ошол жерге бараттык элек" деп жылмайып койдум. Эже аябай сүйүнүп кетип, мени алкап кирди. "Өмүрлүү бол, айланайын. Элден кем болбо" деди. Жакшы иш кылганыма өзүм да сүйүнүп калдым. Бу чыканактай кишини салып алганда машинемдин бир жери кемип калмак беле? Ырас батасын алып алдым деп ичимен кудуңдап калдым. Бирок ошол учурда мени айдатып бараткан тигил экөөнүн кейпин көрсөңөр таң калмаксыңар. Жолду карата эже экөөбүздүн кулагыбыздын кужурун ала барышты. "Биз таксиге бул аялга да төлөгөн эмеспиз. Муну эмне отургузуп алдың? Ылдамыраак айдабайсыңбы! Эмне эле кыбырайсың! Убакыттын баарын алдыңар. Акчаңды кемитебиз", – деп эле албууттанып кыйкырып баштаса болобу? Бизди тиякта күтүп жатышпайбы. Кураган эме экенсиң" деп мээмди жеп койду. Акырында булардын монологуна чыдабай кетип: "Тынчтангыла! Болбосо түшүрүп салам" деп кыйкырдым. Экөөң эмитеден эле айкырып баштасаңар, сотто эмнени сүйлөйсүнөр" дедим. Ушу маалда тигил эже да сөзгө аралашып: "Боло турган сот отурумунда ким сот болот экен" деген суроону узатты.Экөө тең жарыша соттун аты-жөнүн аташты. "Эмесе" деди эже. "Ошол силер айткан сот мен болом" деди. Ушул чыканактай эженин өздөрү коркуп жаткан каардуу сот экенин билгенде, тигил экөө уялганынан кирерге текшик таппай калышты. Мотордун бир калыптагы үнүнөн башка тынчтык бузган башка эч нерсе угулбай калды. Мотор гана бир кунунда чыла жолду жиреп сот имаратын көздөй кетип баратты. Бир маалда эстерине келиштиби? "Эже бизди кечирип коюңуз, таанproblemбасты сыйлабас" деген ушул турбайбы деп жалынып-жалбарып киришти. Бирок сот айым лам деп үн каткан жок. Сылык гана мага ыраазычылыгын билдирип, мекемесин көздөй шартылдай басып кирип кетти.

# Карга менен тоос

Токойдо бир карга жашоосуна ыраазы болуп, эркин учуп конуп, каалаган мөмө-жемишин жеп сонун жашаптыр. Бир күнү токой четинде көлдө сүзүп жүргөн ак кууну көрүп калды. "Ай иий, аппак экен, а мен болсом капкарамын. Ак куу дүйнөдөгү эң бактылуу куш болсо керек" деп ойлоду

Ал ак куура учуп барды да, өз оюн айтты. "Ооба," деди ак куу, "Мен өзүмдү эң сулуу кушмун деп эсептечүмүн. Бирок, бир күнү кызыл көк түс аралаш ушунчалык кооз тоту кушту көрүп калып, өзүмдү бактылуу сезбей калдым. Менимче, тоту куш дүйнөдөгү эң бактылуу куш."

Андан соң, карга тоту кушка жетип барды да, "кандай гана коозсуң, эң бактылуу куш турбайсыңбы", деди. Тоту куш да: "Мен да бактылуу өмүр сүрүп жашап жатканмын. Бирок, менде болгону эки гана түс бар экен. Менин оюмда, тоос эң бактылуу куш. Ал түркүн түстүү жана ажайып бир куш" деп жооп берди.

Тоту куштун пикирин уккан, карга тоосту издеди. Алыс жакын учуп, айбанаттар багынан аябай кооз тоосту көрүп калды. Жанына баргысы келди, бирок тооско суктанып, сүрөткө түшүп аны тегеректеп турган жүздөгөн адамды көрүп кечке күттү. Кечинде эл кеткен соң, тоостун жанына келип, "күн сайын жүздөгөн адам сени сулуулугуңа суктанып келип көрүп кетишет экен. Чындыгында эң бактылуу куш сен экенсиң да" деди.

Тоос да каргага карап, "Мен өзүмдү дүйнөдөгү эң сулуу жана эң бактылуу куш сезип сопсонун жашап жүрчүмүн. Мына сулуулугум мени капаска салды. Өз сулуулугумдун туткуну болуп, кожоюнум эсептеп, үнөмдөп берген жемди гана жеп, ээн-эркин жүрө албай, капас ичинде жашап келатамын. Эгер мен карга болуп жаралып калсам, ээн эркин учуп жүрмөкмүн деп ойлоп калам" деп өкүнүчтүү жооп берди.

Сабак: Бул биздин маселебиз. Биз негизсиз салыштырууларды куруп алып, өзүбүздү азапка сала беребиз. Табият берген жакшылыктардын кадырына жетпейбиз. Бактысыздыгыбыздын себеби мына ушул. Жок нерсеге өкүнбөй, бар нерсеңе ыраазы болуп жашоону үйрөн. Сенин азыркы абалың да башка миллондогон адамдар үчүн куру кыял. Сенден да бактысызыраак адамдар көп экендигин унутпа. Ээлик кылган нерселериңе ыраазы болуп жашасаң, эң бактылуу адамсың.

# Аллахтан уяламын

Кол ачыктыгы, берешендиги менен эл оозуна алынган,айтылуу Умар бин Убайдулла бак аралап бара жатып дарактын көлөкөсүндө катыган нанды жеп отурган балага көзү түштү. Жамачыланбаган жери калган эмес. Эски кийимчен жаш бала колундагы бир сындырым кара нандан бир өзү тиштеп, бир итине үзүп берип отурган экен. Баланын көптөн бери жарытылуу тойбогону кумсарган жүзүнөн көрүнүп турат. Умар балага жакындап келип,салам берди да, суроо узатты:

– Эмне кылып олтурасың, жигит?

– Тамактанып олтурам, – деп бала кыска жооп берди.

– Нандан бөлөк тамагың жокпу?

– Аллахка шүгүр, мындан башканын кереги жок.

– Бул ит сеникиби?

– Жок.

– Эмне үчүн ага наныңды берип жатасың?

– Кимдир бирөөнүн көзүнчө жалгыз тамактануудан уялам.

Умар баланын ыйманына, зиректигине таңдана анын жанына олтура кетти:

– Сен азатсыңбы, же бирөөнүн кулусуңбу?

– Мен ушул бактын кожоюнунун кулумун – деди бала сумсайып. Умар акырын ордунан туруп, баланын далысынан таптады:

– Сен мени күтө тур, мен сенин кожоюнуң менен сүйлөшүп келейин. Умар бактын кожоюнуна барып, андан бакты да, баланы да сатып алды. Анан балага келип, сүйүнчү кабар айтты:

– Алла сени азат кылды жана бул бакты сага белек кылды, эми анын түшүмүн сен пайдаланасың. Бала сүйүнүп,ыраазылыгын билдирди да:

– Аллахтын алдында сен күбөсүң,бул бактын түшүмүн шаардагы кембагалдарга бөлүп беремин,– деп кошумчалады. Умар эми чындап таң калды:

– Өзүң кедейсиң, эмне үчүн түшүмүңдү башкаларга бересиң?

–Алла мага берешендик кылган нерсеге сараңдык кылуудан уялам, – деп жооп берди бала камырабай.



# Мугалимдин аброюн көтөрүү - максатыбыз

**“Мугалим мөмөлүү дарак” демекчи, кечээ күнү борборубуздагы №5 мектепте “Жыл мугалими – 2016” конкурсу старт алды. Албетте, республикабыздын жети дубанынан тандалып келген мугалимдердин бардыгында тең баш байгени бөктөрүп кетүү дымагы көрүнүп турат. Билим берүү тармагында кызмат кылган алдыңкы мугалимдердин таймашын көптөгөн күйөрмандарды да кызуу колдоп турду**

## Мугалимдерге ыраазычылык

28-сентябрь күнү Кыргыз Республикасынын Билим, илим министринин орун басары Токтобүбү Ашымбаева Айдаркан Молдокулов атындагы №5 Улуттук компьютердик гимназиада уюштурулган “Жыл мугалими – 2016” конкурсун ачык деп жарыялады. Бул мелдешке Кыргызстандын жалпы билим берүү мекемелеринин 150дөн ашык кызматкерлери катышууда. Токтобүбү Ашымбаевна өз сөзүндө өсүп келе жаткан муунду окутуп, тарбиялап келе жаткан мугалимдерге ыраазычылык билдирип, чыгармачылык ийгилик жана чың ден-соолук каалады. Конкурста өзүнүн профессионалдык деңгээлин, билимин, чыгармачылык жөндөмүн көрсөтөрүнө ишенгенин билдирди. Ошондой эле, ал бул жерге келген мугалимдер, педагогикалык жамааттар, мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин баары облустук конкурстун жеңүүчүлөрү экенин баса белгиледи.

Республикалык конкурс “Мыкты мугалим”, “Мыкты айылдык мектеп”, “Мыкты инновациялык мектеп”, “Мыкты бала бакча” аттуу төрт номинация боюнча өтүп жатат. Ар бир номинация республикалык “Жыл мугалими -2016” конкурсун өткөрүүнүн жоболоруна ылайык өтүүдө. Конкурс республиканын алдыңкы мугалимдерин, жалпы билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүүчү мекемелердин эмгегин баалоо, алардын педагогикалык тажрыйбасы менен бөлүшүү жана мугалимдик кесиптин кадырын арттыруу максатында уюштурулуп келет.

## Калыстар кара кылды как жарат

Конкурска катышкан мугалимдерге баа берүү үчүн атайын өз ишин мыкты билген калыстар тобу бекитилген. Калыстар тобунун төрагасы Ишенаалы Арабаев атындагы университеттин окуу иштери боюнча проректору, психология илимдеринин кандидаты Конурбаев Тууганбай Абдрахмановичке конкурстун жүрүшү, мааниси, максаты тууралуу собол салганыбызда төмөнкүлөрдү айтып берди:

– Бүгүнкү күнү жалпы республикалык деңгээлде “Жылдын мыкты мугалими” конкурсунун биринчи бөлүмүн аяктап жатабыз. Негизинен мындай конкурс Кыргызстандын жалпы билим берүү системасындагы эрежени өзгөртүүгө багытталган жаңы аракет. Конкурс Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим министрлигинин демилгеси менен жыл сайын уюштурулуп келет. Быйыл да бул иш-чаранын уюштурулушунда өзгөчө жаңылыктар болуп жатат. Биринчиден, мыкты мугалимди аныктоонун жобосу иштелип чыкты. Ал жобонун негизинде жалпы калыстар тобунун төрагасы, мүчөлөрү аныкталды. Ошондой эле жалпы баалоонун критерийлери аныкталган соң гана конкурсту баштадык. Конкурска республика боюнча тогуз адам катышып, биринчи күнү ар бир катышуучунун презентациясын карадык. Калыстар тобунун төрагасы катары, бир маселени белгилеп кетким келет. Жылдан-жылга билим берүү системасында өзгөрүүлөр болуп, мыкты кадрлар ат салышып жатканына дагы бир жолу ишенип олтурам. Ар бир мугалимдин өзүн тааныштыруусу, маданий деңгээли мени өтө канааттандырды.



“Жыл мугалими – 2016” конкурсу

## Мугалимдин аброюн көтөрүү – негизги максатыбыз

Ошону менен бирге бул конкурстун жүрүшүндө мугалимдик кесиптин аброюн көтөрүү максатын көздөдүк. Себеби мыкты мугалимдер гана келечекте мыкты кадрларды, мыкты мамлекеттик ишмерлерди жарата ала тургандыгы тууралуу презентациялар берилди. Ошол убакта окуучулардын өздөрү да, мектептин директорлору да мындай конкурска катышууга болгон активдүүлүгүн көргөзүп атат. Кээ бир мектептердин өздөрү тартып келген роликтерин көрүп атабыз. Эжекесин узатып жаткан окуучулардын баары мугалимине ийгилик каалап, жалпы жамааты өздөрүнүн демилгесин көрсөтүп жатканын көрүп бир топ каныбыз дүргүдү деп айтсак болот. Биз мындай жол менен билим берүү системасы мурда бир эле шаарда өнүгүп жатса, азыр ар бир облуста, жерлерде инновациялык технологиялар аркылуу активдүү иштеп, өнүгүп жаткан мугалимдер бар экенине күбө болдук. Конкурска катышкандардын дээрлик көпчүлүгү жаштар экени да бизди абдан кызыктырды. Себеби жаштар ушул конкурстан шыктанып, демилге алып, мындан дагы жакшы иштөөсүнө өбөлгө түзүлөт деп ойлойм. Биз калыстар тобу катышуучулардын аракетин объективдүү карап, конкурстун жыйынтыгын калыс чыгаралы деп аракет кылып жатабыз. Мындай аракеттин жүрүшүндө Билим берүү министрлигинин жалпы мамлекетте жүргүзгөн саясаты объективдүү болуп жатканын элге жеткирели деген максатты да көздөдүк. Себеби, ушундай конкурстар болгон жерде “туура эмес көрүнүштөр болуп калды” деген сөздөрдү угуп жүрөбүз, бирок бул жолу андайга жол берген жокпуз. Билим берүү министринин орун басары өзү да келип, бизге көрсөтмө берип кетти. Ушундан улам биз XXI кылымда Кыргыз Республикасынын билим берүүсүндө жаңы саамалыктарды баштоого мүмкүнчүлүгүбүз бар деп ишенимдүү айтып кетмекчимин.

## Максатым – жеңүүчү болуп кайтуу

Конкурстун катышуучусу Сырдыбаева Айзада да конкурс тууралуу өзүнүн ойлору менен бөлүштү.

– Мен Ысык-Көл облусунун Каракол шаарындагы Токтогул Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде информатика мугалими болуп эмгектенем. Эмгек стажым 11 жыл. Жогорку окуу жайды бүткөндөн бери эле “Дарак бир жерден көгөрөт” демекчи, ушул мектепте иштеп келем. Бул жерде өзүмдүн билимимди текшерейин, квалификациямды тактайын дедим. Башка мугалимдердин да эмгегин көрүп, алардын иш-тажрыйбасын үйрөнүү да биз үчүн абдан кызык. Ошону менен катар эле бул жерге келүүмдөгү негизги максатым – жеңүүчү болуп үйгө кайтуу. Бул жерге өзүмдүн гана мектебимдин эмес, жалпы Ысык-Көл облусунун намысын коргогону келдим десем да болот. Биздин мектеп облустагы эң күчтүү мектеп. Эл мугалими Өзүбекова Жибек Райымбековна бардык мугалимдерге насаатчылык кылат. Мектебибиздин педагогикалык квалификациясы өтө жогору, дайыма өнүгүүнүн үстүндөбүз. Мектепте окутууну жакшыртуунун планы, лицейчинин модели иштелип чыккан. Бул моделде лицейчинин инсандык сапаттары, ишмердүүлүк сапаттары көрсөтүлгөн. Мекенчилдик сезими күчтүү, атаандаштыкта жеңе билген инсанды калыптандырууга болгон күчүбүздү үрөйбүз. 2013-жылы биздин мектеп “Кагазсыз мектептер” аттуу долбоордон конкурстук негизде өткөн. Ушул долбоордо мектепти электрондоштуруу деген максат коюлган. Ушунун негизинде мен өзүм сыймыктануу менен мектептин расмий сайтынын түзүлүшүн, окуучулардын, мугалимдердин сайттарын түзүлгөнүн айткым келет. Замандын өзү электрондук китеп, электрондук мугалимди талап кылып бараткандай. Ошол себептүү заманга бап келген технологиялар менен окутууну маанилүү деп эсептейбиз. Мисалы, биз календардык пландарыбызды окуу завучубуздун электрондук почтасына жиберебиз. Ал өз компьютеринен биздин документациябызды текшерип коё алат. Эмгектин баарын бир базага топтоп, окуу процессинин жүрүшүн окуучуга да, ата-энеге да көрсөтө алабыз.

## Бул конкурсту ишмердигимдин отчёту деп билем

– Менин аты-жөнүм Самара Абдыкеримова. Бүгүн “Жыл мугалими” конкурсуна Бишкек шаарындагы Токтогул Сатылганов атындагы №69 Окуу-тарбия комплексинен келдик. Адистигим – чет тилчи мугалим. Немец тилинен сабак берем. Максатым – чет тилде эркин сүйлөгөн инсанды тарбиялоо. Коомго пайдасын тийгизген, Кыргызстанга өз салымын кошкон окуучуну, же башкача айтканда, инсанды тарбиялоону негизги максатым деп эсептейм. Чет тили азыркы күндөрдө коомдун күзгүсү болуп калды. Чет тилин билмейин башка өлкөлөр менен мамиле түзүүгө мүмкүн эмес. Чет тили актуалдуу болгондон улам балдарга терең билим берүүгө умтулуп келем. Тил дипломун чет өлкөдө алып, алган билимдерин кайра Кыргызстанда жайылтуусуна салым кошуп жатабыз деп ойлойм. Биз немистердин Борбордук Азиядагы мектептерди башкаруу ведомствосу менен тыгыз иштешебиз. Бул ведомствону Ребекка Варнер аттуу айым жетектегенине байланыштуу биздин мектептин мүмкүнчүлүгү жогору. Себеби биз Германия мамлекетинин европалык стандарттагы сертификатына окуучуларды дайындайбыз. Ушул сертификаттарды алганга жетишкен окуучуларыбыз Германиянын ЖОЖдоруна экзамен тапшырбай өтүүгө укук алышат. Бул конкурсту мен үчүн мааниси абдан зор. Мугалим качандыр бир кездерде өз ишинин жыйынтыгын көрүшү керек да. Бул конкурсту мен мугалимдик ишмердигимдин отчёту деп билем.

ДЕРКЕМБАЕВ ТАЛГАТ

# Ибраев: Батыровдун Убактылуу өкмөт мүчөлөрүнө келип турганы чындык

Кыргызстандын Башкы прокуратурасы июнь окуясы боюнча айыпталып, өмүрүнүн акырына чейин сырттан кесилген Кадыржан Батыровдун өлкөдөн качып кетишине көмөктөшкөн адамдар боюнча иликтөө жүргүзүүдө. Тергөө азырынча анын кантип өлкөдөн чыгып кеткенин аныктай элек. Башкы көзөмөл органынын маалыматы боюнча, Батыровдун чет өлкөгө чыгып кетиши, чек арадан өтүшү боюнча жаңы жагдайлар бар. Бирок тергөө кызыкчылыгына байланыштуу алар ачык айтылбайт

Кыргызстан Батыров боюнча жаңы ачылган жагдайларды иликтөөгө киришкен учурда июнь окуяларынын башкы күнөөкөрү Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) Варшавадагы жыйынында Кыргызстанда улуттук азчылыктар басмырланып жатат деп айтууга жетишти. Натыйжада, 2010-жылдагы кандуу коогалаң маалында башкы прокурор кызматын ээлеп турган Байтемир Ибраевге Батыровго байланыштуу бир нече собол менен кайрылдык.



Кадыржан Батыров, 2010-жылдан бери эл аралык издөөдө

### Батыров эл аралык аренага кантип чыкты?

Батыровдун ЕККУ жыйынында сүйлөгөн сөзүнө терс баа берем. Бирок ага өзүбүз жеткирип атабыз. Себеби ал мамлекетте болуп жаткан талаш-тартыш саясатты угуп алып, ошого жараша кадам таштады деген ойдомун. Менин жеке пикиримде, ички саясий күрөш буга түрткү болду. Быйыл июнь коогалаңына 6 жыл толду. Бул маселе боюнча Жогорку Кеңештин мурунку чакырылышындагы депутаттар, июнь коогасын иликтеген улуттук комиссия да Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү Батыровду качырып жиберүүгө катышы бар деген маалыматты иликтөөнү, укуктук баа берүүнү тартип коргоо органдарына тапшырган. Бирок алты жылдан бери эч кандай жыйынтык чыккан жок.

### Башкы күнөөкөрдүн качышына ким жардам бергени ачыкка чыгабы?

Иликтөөдөн 6 жылдан бери эмнеге натыйжа чыкпаганы мага белгисиз. Улуттук коопсуздук комитети жаңы жагдайларды таптык деп атат. Ошолордон эмне үчүн 6 жыл мурун муну тапкан эмессиңер деп сураш керек. Ал эми анын азыр кайра козголушуна Кыргызстанда саясий күрөш жүрүп жатканы себеп деген көз караштамын. Анткени күрөш учурунда тема керек болуп, айрым саясатчылар Батыровдун качып кеткенин көтөрүп чыгышты. Ал эми алты жылдан бери иликтеп, эч нерсе таппаган укук коргоо органдары эми күнөөлүүлөрдү таап чыгарына күмөнүм бар.

### 2010-жылы июнь окуясына чейин Батыровго кылмыш иши козголгон деген маалымат ыраспы?

Апрель окуясынан кийинки Кыргызстандагы саясий кырдаал баарыбыздын эсибизде. Убактылуу өкмөттүн таламын талашкан күчтөр, ошолордун айткандарын угуп Бакиевдерге каршы турган эл керек болгон. Жалпыга маалымдоо каражаттары Кадыржан Батыров бирде Алмазбек Атамбаевге, бирде Өмүрбек Текебаевге жана башка Убактылуу өкмөт мүчөлөрүнө кирип эле жүрчү деп жазып атат. Мунун баары чындык. Себеби, Батыров ошол кезде Утурумдук өкмөткө керек эле. Анткени, Жалал-Абад, Ош аймактарында өзбек тектүү жарандарды Бакиевдерге каршы митингге чыгаруу үчүн Батыров жана башка диаспоранын өкүлдөрүнө муктаждык жаралган. Ошол себептүү Батыровду байма-бай чакырып, кабыл алып турганын тана албайбыз. Эгерде июнь коогалаңына чейинки убактарда иш козголсо, Батыровду Убактылуу өкмөткө киргизбей туруп эле камакка алууга мүмкүнчүлүк бар болчу. Арадан алты жыл өтүп кетти, балким мен жаңылып калышым ыктымал. Бирок ошол убакта Батыровго кылмыш иши козголгон эмес. Ага июнь коогасы болгондон кийин иш ачылган. Ал эми кандуу окуялардан кийин Батыров дароо Кыргызстандан чыгып кеткен. Укуктук жактан ала турган болсок, эгерде ошол кезде ага кылмыш иши козголбосо, издөө жарыяланбаса, ал башка жарандардай эле чет мамлекеттерге чыгып, кайра Кыргызстанга кирип турууга укуктуу эле. А эгерде ал издөөдө жүргөн маалда, кимдир бирөөнүн жардамы менен чек арадан чыгып кеткен болсо, буга укуктук баа берилиши керек. Муну президенттин тапшырмасы менен түзүлгөн тергөө тобу кылдат иликтөөгө тийиш.

### Июнь окуясынын алдын-алууга мүмкүндүк бар беле?

Алдын алуу мүмкүн болчу деп эч ким айта албайт. Июнь коогаланы ушундай масштабда болот деген нерсе эч кимдин оюна да келген эмес. Бирок, бир кыргыз эки өзбек менен уруша кеткен, же тескерисинче, эки өзбек бир кыргыз менен уруша кеткен майда окуялар катталып турган. Аларды укук коргоо органдары заматта баса калып, күнөөлүүлөрдүн үстүнөн иш козгоп, айыптуусун камап, бейкүнөөлөрдү актап келген. Ушундай майда нерселер күчөп отуруп чоң жаңжал чыкты. Мындай окуя болуп кетерин алдын-ала билдиңер беле деген оор суроо. Буга жооп бериш кыйын. Бирок, Убактылуу өкмөттүн ошол убакта эле "бул окуялардын алдын алууга милдеттүү элек, саясий жоопкерчилик алышыбыз керек" деп айткандарына кошулам. Алар кандуу окуялар үчүн саясий жоопкерчилик алды.

### Ошол кезде күч органдарын учурдагы президент Алмазбек Атамбаев координациялаган турбайбы?

Азыр өкмөт башчынын орун басары Жеңиш Разаков укук коргоо органдарынын иш-аракеттерин координациялайт. Ошол сыяктуу эле ал кезде Убактылуу өкмөттүн төрайымы Роза Отунбаеванын буйругу менен күч органдарынын ишин координациялоо азыркы президент Алмазбек Атамбаевге жүктөлгөн. Бирок координациялайт десе эле, ал милдет жүктөлгөн адам бардык ишин таштап салып, өзү чуркап барып чек араны кайтарып, Батыровду чыгарбоого аракеттениш керек деген доомат туура эмес. Туура, координациялап турган. Биз баарыбыз ошол кишиге барып акылдашып, кеңешип турганыбыз чындык.

### Маалымат үчүн

"Ата Мекен" фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаев президенттин дарегине бир катар айыптоолор менен чыккандан кийин Алмазбек Атамбаев Кадыржан Батыровдун чет өлкөгө качуусун жана буга Убактылуу өкмөттүн айрым мүчөлөрүнүн тиешеси бар-жогун аныктоону Башкы прокуратурага тапшырган. Өз кезегинде Текебаев президент 2010-жылы Кадыржан Батыровдун сунушу менен Жалал-Абад облусундагы бир катар кадр маселелерин чечип келгенин жарыялаган. 22-сентябрда алты жылдан бери издөөдө жүргөн Кадыржан Батыров ЕККУнун Варшавадагы отурумунда Кыргызстандагы Баш мыйзамдын өзгөрүшүнө каршылыгын, улуттук азчылык өкүлдөрү кысымга алынып жатканын айтып, кыргыз бийлигин сындап, ЕККУну өлкөгө жардам бербөөгө чакырды. Аталган жыйынга кыргызстандык укук коргоочулар, "Бир дүйнө Кыргызстан" уюмунун жетекчиси Төлөйкан Исмаилова жана "Кылым шамы" кыймылынын төрайымы Азиза Абдирасулова да катышты. Айрыкча, Исмаилованын Батыров сүйлөп атканда кубаттап отурганы кыргыз коомчулугунун катуу сынына кабылды. Кыргызстан Батыровдун айткандарын четке кагып, жүздөгөн адамдын канына забын болгон, күнөөлүү деп табылган адамга ЕККУнун аянтча түзүп бергенине наразы болууда.

60 жаштагы Кадыржан Батыров Кыргызстанда жашап турган маалда Жалал-Абад облусундагы өзбек улуттук-маданий борборунун жетекчиси кызматын аркалап, мурдагы президент Курманбек Бакиевдин тушунда Жогорку Кеңештин депутаты да болгон. Жалал-Абад шаарындагы Элдер достугу университетинин ээси, кезинде аталган калаанын "ардактуу атуулу" наамын, улут аралык ынтымакты чыңдоого кошкон салымы үчүн кыргыз бийлигинин колунан "Даңк" медалын да алган экен. Алты жыл мурун апрель окуясынан кийин түштүктө бир топ үгүттөрдү жүргүзүп, өзбек тектүүлөрдү өз алдынча автоном түзүүгө чакырган видеотасмалары элге тарап кеткен. Апрелдеги бийлик алмашуудан кийинки туруксуз саясий кырдаал жүздөгөн адамдын өмүрү кыйылган кандуу коогалаң менен аяктады. Азыркы сурамжылоолор Ош, Жалал-Абаддагы өзбек улутундагы жарандардын көпчүлүгү Батыровду жек көрө турганын көрсөтүүдө. Ал азыр Швецияда жашайт. Таң калыштуу жагдай, кыргыз тарап Кадыржан Батыровду оор кылмыштарга айыптап, эл аралык издөө салганы менен Интерпол муну саясий негизде деп баалап, аны кармоодон баш тарткан. Ошентип, ал азыр Европада "саясий куугунтук жеп, запкы көргөн" адам катары батыштыктардын "боорун оорутуп", ээн-эркин жүргөн кези. Кыргызстандын аттуу-баштуу саясатчылары анын өлкөдөн качып кетиши боюнча айыпты бири-бирине оодарып, Интерпол издөөдөн баш тартканын эске алсак Кадыржан Батыровдун жоопко тартыларына ишеним аз. Ал эми бул багытта козголуп жаткан сөздөрдүн артында саясий оюндар жаткандай.

НУРАИДА ШЕРАЛЫ КЫЗЫ



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**

**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Күрөшкөндө, жумушка келгенде өзү теңдүү балдардын камбылы. Тоодон ышкын тергенде, отунга барганда мени койчу эмес. Экөөбүз кээде отунга барганда ал менден мурун ары-бери кылып алып жиберип:

— Батыраак кыймылда, болбосо карагайдын ичине жалгыз таштап кетем,— деп мени коркутмакчы кылып коюучу.

Ошону менен үчөөбүз Солтого жалданып кеттик да, Кызыл-Кыядан көз жумдук...

## XII

Сарытологой деген жер ушул. Бүгүн күн мындай жакшы тиерби! Ысыкта жоон топ киши береги бир уч-кыйыры жок түздө суу бойлоп айдалган апийимди кесип жүрөбүз. Керилген беш-алты теше. Муну Солто, Караколдо бир Абдылда деген чоң соодагер татары менен ортоктошуп айдаган. Абдылда Солтонун көптөн алынышып алган адамы.

Апийим тилими кызыган кез. Не бир сулуу гүлдөр жерди саймалап, көзгө чагылышып, апийим жыты буркурап турат. Береги биздин маңдайыбызда калың апийимде жүргөн үч дуңгандын бири, Бээжинден чыкканы, кырк жылдан бери жаңы эсине түшүп тургандай кишинин жүрөгүн куйкалаган бир түрдүү муңдуу, каралуу обон салып узакка созуп, ысык күндү калтыратып барып коё коёт.

Ошонун жалгыз ооз сөзүн билбесем да, ысыкта мемиретип салган кайгылуу, заардуу, жетим обону менин жүрөгүмдү козгоп, анын мазмунун ошончодон жалгыз өзүм түшүнүп тургандай болом. Биздин келгенибизге бир топ болуп калган. Апийим тилишке жаңы келгенге караганда үйрөнүп калдык. Адеп келгенде апийимдин же кардын чыгара тилип, же мөлчөрүнө жеткирбей кыртышын гана чийип кетип жүрдүк. Мындай болгондо апийимден жарытып сүт чыкпай, сызылган гана кара так болуп калат. Эми чөгөрө тилип койсо карды жарылып, экинчи сүт чыкпай (чыкса да жарытпай) өлүп калат. Ошондуктан терең да, тайыз да эмес, өзүнүн мөлчөрү менен тилиш керек. Көнүп алган адам кандай ыпылдатып ылдам тилсе да апийимге зыян келтирбейт. Бирок кожоюндарыбыз бизди урушуп, тилдеп жүрүп үйрөтүп салган. Тилгенди, кырганды билип калганбыз. Кыдырма, Беккул, мен үчөөбүз көбүнесе боюбуз жетпей апийимдин башын төмөн ийип келип, анан кесебиз. Ошентип жүрүп кай бирин сындырып коюп далай тил укканбыз да. Мында ар кайдан жыйнап келип салган он чакты кишиден башка Солтонун бир тууган инилери Айылчы, Көчкүн, Муканбет дегендер бар. Көчкүндөн улуу, бирок андан бою жапалдаш, былчыйган, жалпак мурун, боз бучук бала, кишиге сүйлөсө дайым какшык менен келет. Көчкүн болсо куркуйган узун бойлуу, балчайган сары неме. Иттин гана өзү! Көзү бир көргөн кишиге укмуш эле. Бирөөгө ачууланганда ышкырып барып, чагып алчу жыландай болуп, акырайган, чоң көзү чанагынан чыгып, эки эсе чоңоюп кетер эле. Бул көбүнчө Беккул экөөбүзгө ушундай болуп көрүнчү.

Күн бешимге таяп калган. Бир кезде Беккулдун башы айландыбы айтор, кесип бараткан солунун башына жетпей туруп, өңү кубарып мындай чыкты да, дүкүйгөн бир шыраалжындын түбүндөгү көлөкөгө барып ыкшыйып калды. Аны Көчкүн бир топтон кийин жоктоп, көзүн чоң ачып акшыйып тура калып:

— Беккул кана? — деп барк этти.

Бир аздан кийин кайда экенин таап алып жанына барып:

— Эмне жатасың? — деп ороңдоп бир тийди. Беккул жантайып жаткан бойдон ыңгыранып, жүрөгү айнып, кускусу келип турган немедей кабагын чытып:

— Башым тегеренип кетти,— деди.

— Атаңдын гана көрү... Жүр! — деп Көчкүн бир булкуп алып, биздин жаныбызга дегдеңдетип сүйрөп келди да: —Амалын мунун! Силерди биз мында согумга сойгону алып келдик беле? —деп бир колунан кармап алып, жаакка коюп жиберчүдөй акшыйып, бир топко кекетип, тилдеп турду. Тилеке деген жигит ар жактан туруп:

— Алда Көчкүн ай, аны эмне кыласың эми кыйнап. Жата берсин,— деди жоош гана.

— Апийим уу болот. Мында тамакты күчтөтүп ичпесе киши суугуна тегеренип, жыгылып калат,— деген дагы бирөөнүн калыс үнү чыкты.

Күн аркан бою калганда:

— Эми калганын силер кесип келгиле,— деп Кыдырма, Беккул, мен үчөөбүздү таштап коюп, калганы кете беришти. Айылчы кетип баратып, бизге сөөмөйүн көрсөтүп, эскертип койду:

— Жакшы кескиле. Эгер эртең көрчү болсок таарынбайсыңар...

Аны коштоп Көчкүн дагы:

— Жакшы кеспесинчи анан, атаңдын көрүлөрдүн жөн эле көздөрүн олуп алайын,— деди кетип баратып кайрылып бизге карап. Ар күн ушул. Күн баткыча биз кесип бүткүдөй өлчөлүү жер калганда болжоп туруп «эми калганын силер кесип келгиле» деп бизге табыштап кете беришчү.

Кээде биздин үстүбүздөн контрол кылып бирин коюп кетет. Апийимди тилип болуп күн батарга жакын үйгө кайттык. Биз келсек Солтонун үйүнүн жанында бир бечара дунганды стражник алдына алып каарланып сөгүп турган экен. Бул стражник Кең-Суу, Сарытологой, Чоң-Таш элине түгөл маалим адам. Алдындагы ак боз атын кыргыздар алыстан тааныйт.

Эр өлтүрүп, күнөөлүү болгон немедей башын жерге салып, муңайып отурган дуңганга олунуп, стражник:

— Үч күндөн берки алганыңдын баары кайда? Тап сволоч... — деди. Көчүгүн ээрден көтөрө түшүп обдулуп.

«Бул азапка кайдан туш болдум эле» деп башкадан жардам сурагандай жалдырап, эки жагына бир карап алып дуңган:

— Болсо аңтарып таап ал,— дегендей кылып, кынжылган түр менен көзүн ыкшыйтып, стражникке карады.

Дуңганды баса калып мууздап жиберсе да эчтеме өнбөсү көрүнүп турат. Стражник оозуна тийгени менен ылгабай сөгүп туруп, бир кезде колундагы кокозону керилип келип жерге бир салды эле кокозодогу апийим бөлт этип ыргып кетти.

***(уландысы бар)***




**САРЕСЕП**

коомдук-аналитикалык гезити

**ЖАЗЫЛУУ БАРАКЧАСЫ**

Жазылуу жүргүзгөн киши ______________________

Телефону ______________________

**Абонент туралуу маалымат**

Аты-жөнү ______________________

Дареги ______________________

Болжолдуу жайлар ______________________

Телефону ______________________

Кесиби ______________________

Төлөмү ______________________

Колу ______________________

Күнү ______________________

**Урматтуу окурман!**
Сaресеп гезитине жазылуу башталды. Бул дүмүрчөктү толтуруп, сүрөтүн вотсаптан салыңыз. Акчасын Эл-сом аркылуу 0555 204 571 номуруна жиберсеңиз болот. Жазылуу баасы: 1 жылга 700 сом, жарым жылга 350 сом

**Эскертүү:** Урматтуу абонент, эгер гезит баруучу дарегиңиз өзгөрө турган болсо редакцияга алдын ала кабарлап коюуңузду өтүнөбүз.

**Редакциянын дареги:**
Бишкек шары, Фрунзе көч., 387(Карпинка көчөсү менен кесилишет). 1-кабат 0(312)680734
**Э-почтасы:** saresepkg13@gmail.com
**Интернет баракчасы:** www.saresep.kg
**Фейсбук:** https://www.facebook.com/saresep.geziti.3

